# Шайтандын бир куралы:

# РОМАНТИЗМ

**«Раббибиз, кайгыбыз бизди жеңди, биз адашкан бир коом экенбиз» дешти.**
**(Мүминун Сүрөсү, 106)**

# Şeytanın Bir Silahı:
# ROMANTİZM

**ХАРУН ЯХЬЯ – (АДНАН ОКТАР)**
**HARUN YAHYA**

**Bu kitapta kullanılan ayetler Ali Bulaç'ın hazırladığı
"Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.**

**Birinci Baskı: Mart, 2001
İkinci Baskı: Kasım, 2005**

**ARAŞTIRMA
YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İş Merkezi
A. Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Seçil Ofset
100. Yıl Mahallesi MAS-SİT Matbaacılar Sitesi
4. Cadde No: 77 Bağcılar-İstanbul
Tel: (0 212) 629 06 15

w w w . h a r u n y a h y a . o r g - w w w . h a r u n y a h y a . n e t

# М А З М У Н У

БАШ СӨЗ

КИРИШ СӨЗ

НОРМАЛДУУ СҮЙҮҮ ЖАНА АНОРМАЛДУУ СҮЙҮҮ

РОМАНТИКАЛЫК УЛУТЧУЛДУК

РОМАНТИЗМДИН БАШКА ИДЕОЛОГИЯЛАРЫ

ДИНДИ ЖАМЫНЫП ЖАСАЛГАН
РОМАНТИЗМ

ЫЙМАН НАТЫЙЖАСЫНДА КЕЛГЕН
ЧЫНЫГЫ АКЫЛ

РОМАНТИЗМДИН ТҮРЛӨРҮ

РОМАНТИКАЛЫК СҮЙҮҮ ТҮШҮНҮГҮ

РОМАНТИЗМДИН ДЕНЕГЕ ЗЫЯНДАРЫ

ЖЫЙЫНТЫК: РОМАНТИЗМ ИЛДЕТИНЕН
КУТУЛУУ

ЭВОЛЮЦИЯ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлгөн. Башталгыч, орто мектепти жана лицейди Анкарада бүтүргөн. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алган. 1980-жылдардан бери ыймандык, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон тымызын байланыштарын ачып көрсөткөн абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын болсо акыркы пайгамбар экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол башчы кылууда. Ушундайча атеисттик философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акылдуу жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – бул Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, жана натыйжада адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыкты (Аллахты) тануучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилдерге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окурмандары тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл менен жазылган, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын

байкашууда. Бул эмгектер ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Учурда бардык атеисттик, материалисттик агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилди.

Күмөнсүз, мындай өзгөчөлүктөр Курандын терең мазмундуулугунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашына шарт түзгөн, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуунун ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин жакшы натыйжага жетиши кыйын. Бул боюнча күмөн санагандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектериндеги негизги максаттын атеизм менен күрөшүү жана Куран адеп-ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасиринен, ийгиликтеринен жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулумдуктар жана баш аламандыктар, Мусулмандар тартып жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран адеп-ахлагын адамдарга жеткиликтүү кылып түшүндүрүү зарыл. Зулумдуктар, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, 21-кылымда дүйнөдөгү бүт адамдарды Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# ОКУРМАНГА

•Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигин жокко чыгарган дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

•Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

•Түшүндүрүүдө колдонулган чын ниеттүү, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартууда өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленип, аларды тана албай келишүүдө.

•Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин бөлүшүшү пайдалуу болот.

•Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышына жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

•Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адепке жана сый-урматка көңүл бурбаган баяндарды, үмүтсүз, күмөн жаратуучу сөздөрдү жолуктурбайсыз.

# БАШ СӨЗ

**(Бул Куран) Аяттарын жакшылап ойлонушсун жана акылы тазалар насаат алышсын деп Биз сага түшүргөн куттуу бир китеп. (Сад Сүрөсү, 29)**

Д инден алыс жашаган коомдордо көбүнчө тууралар туура эмес, туура эместер болсо туура деп көрсөтүлөт. Аллах ыраазы болбой турган, туура эмес иш-аракеттер суктануу жаратып, колдоо тапса, жакшы иш-аракеттерге болсо көп маани берилбейт, ал тургай, сындалышы да мүмкүн. Туура менен туура эместердин бир-бирине аралашып кетиши динден алыс жашаган коомдордо көп кездешчү, ал тургай, кадыресе бир көрүнүш.

Романтизм (романтикалуулук) да – «туура» нерседей кабыл алынган туура эместердин бири. Романтизм караңгы (чыныгы динди билбеген) коомдордо боорукер, жакшы адамдардын жакшы бир мүнөзүндөй көрсөтүлөт. Бирок бир адамдын башына келген окуяларда сезимтал мамиле көрсөтүшү, бул китепте терең карала тургандай, бүт тараптан өтө кооптуу болот. Себеби романтизм адамдар үчүн эң негизги касиеттердин бири болгон «акылды» толугу менен тосуп салат.

Бул китепте романтизм темасы аркылуу коопсуздай көрсөтүлгөн, бирок чындыгында адамдарга күтүлбөгөн зыяндарды алып келген бир темага көңүл буруу максат кылынган. Кадимки бир кулк-мүнөздөй кабыл алынган романтизмдин тымызын гана калктарга жана ар бир адамга канчалык чоң кооптуулук туудураарын көрсөтүү максатталган. Жана, албетте, бул коркунучтан кутулуунун канчалык оңой экени жана Аллах бүт адамдарга жөнөткөн бир жол башчы, Куранды ээрчигенде адамдын сезимдеринин акылын жеңе албашы мисалдар аркылуу көрсөтүлмөкчү.

# КИРИШ СӨЗ

**Алардан күчүң жеткендерди үнүң менен адаштыр, аттууларың жана жөө (аскер)лериң менен аларга ызы-чуу чыгар, мал-мүлктөрдө жана балдарда аларга шерик бол жана аларга ар кандай убадаларды бер. Шайтан аларга калптарды гана убада кылат. (Исра Сүрөсү, 64)**

**А** дамдарды динден алыстаткан, чыныгы Раббибиз Аллахка кулчулук кылуудан тоскон, ал тургай, алардын башына сансыз азап, балээлерди алып келген тымызын бир коркунуч бар. Бул коркунучту жашоонун ар кандай тармагында, ар кандай абалда жолуктурууга болот. Кээде бир фашисттин түйүлгөн муштуму бул коркунучка ишарат кылат, кээде бир коммунисттин ырдаган маршы бул коркунучту чагылдырат, кээде болсо сүйгөн кызына ашыктык катын жазган бир өспүрүмдүн сөздөрү ушул коркунучтан келип чыгат.

Бул коркунучтун эң маанилүү тарабы болсо, адамдардын көпчүлүгү муну бир коркунуч катары көрбөйт. Мунун Куранга толугу менен карама-каршы бир мүнөз экенин да аз эле адамдар байкашат. Ал тургай, адамдардын көпчүлүгү мындай мүнөздү бир коркунуч жана катадай эмес, суктануу керек болгон бир артыкчылыктай көрүшөт.

Бул коркунуч – адамдарды акылына карап эмес, сезимдерине, б.а. каалоолоруна, ачуусуна жана кежирдигине карап жашоого түрткөн сезимталдык.

Сезимталдык – дүйнөдөгү жүз миллиондогон адамдарды таасири астына алган бир караңгылык маданияты. Түпкүрүндө шайтан тарабынан адамзатты Аллахтын жолунан тосуу үчүн колдонулган курал-жарактардын бири. Себеби сезимталдыктын торуна түшкөн ар бир адам акылын колдоно албай калат. Акылын колдонбогондо болсо аны жараткан Аллахты байкай албайт, Анын далилдери менен даанышмандыктары жөнүндө ойлоно да албайт жана Куранда сүрөттөлгөн сонун адам мүнөздөрүн да түшүнө албайт. Себеби динге ылайык жашоо акылды талап кылат жана Аллах Куранды **«аяттарын жакшылап ойлонушсун жана акылы тазалар насаат алышсын деп»** түшүргөн (Сад Сүрөсү, 29).

Кыскасы, сезимталдык оорусунан айыкмайынча, бир адам динди чындап түшүнүп, дин менен жашай албайт. Ал тургай, сезимталдык оорусун айыктырмайынча, дүйнөдөгү сансыз уруштар, адамдар өзүнө-өзү жасаган зулумдуктар, себепсиз азап, кайгылар жана зомбулуктар да токтобойт.

Ошондуктан бул китепте сезимталдыкты жана бул караңгы маданияттын жакынкы тарыхтагы жана күнүмдүк жашообуздагы кээ бир мисалдарын карайбыз. Эч ким өзүн бул коркунучтан алыс көрбөшү керек жана шайтандын ар бир адамды киргизгиси келген бул саздагынан этият болушу зарыл.

# НОРМАЛДУУ СҮЙҮҮ ЖАНА АНОРМАЛДУУ СҮЙҮҮ

**Эй ыйман келтиргендер, Менин да душманым, силердин да душманыңарды дос тутпагыла. Силер аларды жакшы көрүп жатасыңар; алар болсо акыйкаттан силерге келгенди танышкан... (Мүмтехине Сүрөсү, 1)**

**С**езимталдык, б.а. романтикалуулук көбүнчө «сүйүү» сезимин жамынат. Мисалы, кийинки беттерде карала турган романтик, радикалдуу улутчулдар өз улутун катуу сүйөөрүн айтышып, башка улуттарды душман көрүшөт, ал тургай, башка улуттарга кол салганга чейин барышат. Же бир кызга ашык болгон, аны жашоосунун жалгыз максатына айланткан, «сага ашыкмын» деп ырлар жазып, ал тургай, өзүн-өзү өлтүргөнгө бара турганчалык ал кызды «кудайлаштырган» бир жигиттин да таянган нерсеси – бул «сүйүү». Гомосексуалдар, б.а. Аллах арам кылган (тыюу салган) бир бузукулукту уялбастан, тартынбастан жасаган кишилер да бир-бирин сүйөбүз дешет.

Адамдардын көпчүлүгү болсо «сүйүү» деп аталган ар бир сезимди дайыма туура, таза, ал тургай, ыйык деп ойлошуп, бул сыяктуу романтизм мисалдарын кадыресе көрүшөт.

Сүйүү – албетте, Аллах адамга тартуу кылган сонун бир сезим. Бирок ал сүйүүнүн кимге жана кандай ойлор менен арналганы, б.а. чыныгы сүйүү болуп-болбогону маанилүү. Сезимталдыктан келип чыккан сүйүү түшүнүгү менен Аллах бизге Куранда үйрөткөн чыныгы сүйүү түшүнүгү ушул жерде бир-биринен айырмаланат.

Буларды китептин ичинде карайбыз. Бирок алдын-ала кыскача маалымат берүү үчүн Курандагы сүйүү критерийине токтоло кетели: Куран боюнча, сүйүү ага ылайыктарга көрсөтүлөт. Сүйүүгө ылайык эместер болсо сүйүлбөйт. Ал тургай, алар «жаман көрүлөт», б.а. жүрөктө аларга карата муздак сезим болот. Кимдин сүйүүгө ылайык экени болсо анын адеп-ахлагынан көз-каранды болот.

Чыныгы сүйүүгө ылайыктуу жалгыз Зат – бул баарыбыздын жаратуучубуз Аллах. Аллах бизди жаратып, сансыз жакшылыктарды, ырыскыларды берип, бизге жол көрсөткөн жана түбөлүк бейишти убада кылган. Ар кандай кыйынчылыгыбызга Ал жардам берет, ар бир чын ниеттүү кайрылуубузга жооп берет. Бизди Ал тойгузуп, ооруганыбызда бизге Ал шыпаа берет, жүрөгүбүздү Ал тынчтандырат. Ошондуктан ааламдын сырын түшүнгөн адам эң көп Аллахты сүйөт. Андан соң Аллахтын сүйгөндөрүн, б.а. Аллахтын ыраазылыгын көздөгөн, чын ыкластуу адамдарды сүйөт.

Ал эми Аллахка баш көтөргөндөр, Раббибизге баш көтөргөн жакшылыкты билбегендер болсо сүйүүгө ылайык болушпайт. Мындай адамдарды сүйүү чоң бир катачылык болот жана Аллах бул багытта ыймандууларды төмөнкүчө эскертет:

**Эй ыйман келтиргендер, Менин да душманым, силердин да душманыңарды дос (вели) тутпагыла. Силер аларды жакшы көрүп жатасыңар; алар болсо акыйкаттан силерге келгенди танышкан, Раббиңер Аллахка ишенгениңер үчүн элчини да, силерди да (мекендериңерден) сүрүп-чыгарышкан. Эгер силер Менин жолумда жехд кылуу (аракет кылуу) жана Менин ыраазылыгыма жетүү максатында чыккан болсоңор, (кантип) аларды дагы эле ичиңерден жакшы көрөсүңөр? Мен силердин жашыргандарыңарды жана ачык айткандарыңарды билемин.**

**Ким силерден мындай кылса, эми ал, албетте, жолдун ортосунан жаңылып-адашкан болот. (Мүмтехине Сүрөсү, 1)**

Аяттан көрүнүп тургандай, ыймандуулар Аллахты, динди тангандарды жакшы көрүшпөйт. Бирок бул жерде маанилүү бир жагдайды эске сала кетүү туура болот. Ыймандуу киши динди танган бир адамды жүрөгүнөн сүйбөгөнү менен, ал адам ыйман кылышы, Мусулман болушу үчүн колунан келгендин баарын жасайт. Б.а. бул жерде айтылган «жакшы көрбөө» ал адамды жек көрүү, ага жамандык каалоо деген мааниге келбейт. Тескерисинче, Аллахка ишенген бир адам насаат ала турган, туура жолду таба ала турган ар бир адамга динди түшүндүрүү, бейиш менен тозоктун бар экенин эскертүү, өлүм жана сурак күнүн эскертип коркутуу милдеттерин эч кемчиликсиз, болгон аракети менен орундатат.

Ошондой эле, канча аракет кылганына карабастан, бир адам ыйман кылбаса да, Мусулман баары бир ага адилеттүү мамиле жасайт. Ыймандууларга зыян тийгизип, адамдар арасында бузукулук жана уруш чыгарганга аракет кылбаса эле, бүт адамдарга бирдей толеранттуу мамиле кылат. Себеби Аллах ыймандууларга мындай буйрук берген:

**Аллах силер менен дин жөнүндө согушпаган, силерди мекендериңерден сүрүп-чыгарбагандарга жакшылык кылуудан жана аларга адилеттүү мамиле жасоодон силерди тоспойт. Себеби Аллах адилеттүүлүк кылгандарды сүйөт. Аллах дин жөнүндө силер менен согушкандар, силерди мекендериңерден сүрүп-чыгаргандар жана сүрүлүп-чыгышыңар үчүн аракет кылгандар менен достошуудан силерди тосот. Ким алар менен достошсо, алар заалымдардын дал өзү. (Мүмтехине Сүрөсү, 8-9)**

Бул аяттарда жана жогорудагы Мүмтехине Сүрөсүнүн 1-аятында Аллах бизге көптөгөн даанышмандыкты жана маанилүү бир көз-караштны үйрөтүүдө: адамды сезимдери башкарбашы керек. Себеби сезимдер адамды такыр туура эмес жактарга алпарышы мүмкүн. Адам сезимдерине карап эмес, акылына жана эркине, Аллахтын буйруктарына карап иш-аракет жасап, сезимдерин акылы жана эрки менен тарбиялашы керек.

Бул чындыкты сезимталдык сазына түшкөн ар бир адамдын жашоосунан кезиктирүүгө болот. Жүрөгүндөгү каалоо, амбиция, жек көрүү же кекенүү сыяктуу сезимдердин туткунуна түшкөн жүз миллиондогон адамдар акылга терс иштерди жасашат жана «эмне кылайын, жакшы көрөм да» же «эмне кылайын, абдан каалап жатам, көңүлүм каалап жатат» деген сыяктуу чарасыз сөздөрдү шылтоо айтышат. Бирок бир адамдын көңүлүнүн бир нерсени «каалашы» ал нерсе туура деген мааниге келбейт. Адамдын напсиси (каалоолору) дайыма жамандыкка чакырат жана шайтан аны андан да чоң жамандыктарды кылууга үндөйт. «Эмне кылайын, ушундай кылгым келип жатат» деп Аллахтын ыраазылыгына карама-каршы иштерди жасаган адам чындыгында напсиси менен шайтандын оюнчугуна айланган болот. Аллах мындай адамдар жөнүндө Куранда төмөнкүчө сөз кылат:

**Эми сен өз каалоосун кудай кылып алган жана Аллах бир илим менен аны адаштырган, кулагы менен жүрөгүн мөөрлөгөн жана көзүнө бир парда тарткан адамды көрдүңбү? Аллахтан**

**соң ага ким хидаят берет (туура жолго салат)? Силер ошондо да насаат алып-ойлонбойсуңарбы? (Жасия Сүрөсү, 23)**

Алдыда сезимталдыктын бир формасы болгон ашыкча романтизмдин ар түрдүү мисалдарын карап, алардын адамдарга берген зыяндарына жана кантип дарылануута болооруна токтолобуз.

# РОМАНТИКАЛЫК УЛУТЧУЛДУК

**Ал чындыкты (динди) тангандар өз жүрөктөрүндө «кыжырдуу улут коруучулугун», караңгылыктын «кыжырдуу улут коруучулугун» жасап-күчөтүшкөндө, ошол замат Аллах элчисине жана ыймандууларга «ишеним жана бейпилдик сезимин» түшүрдү... (Фетих Сүрөсү, 26)**

**Р** омантизм көбүнчө адамдар арасындагы сезимдик мамилелер менен байланыштуу түшүнүк деп кабыл алынат. Бирок, ошондой эле, романтизм саясий идеологиялардын кээ бирлери менен да тыгыз байланышта. Булардын башында болсо 19-кылымдын аягында пайда болгон жана 20-кылымдын ортолоруна чейин дүйнөдө өтө таасирдүү болгон «романтикалык улутчулдук» турат.

Эң биринчиден айта кетүү керек; бул жерде сындала турган түшүнүк улутчулдук эмес, «романтикалык улутчулдук». Экөө арасында өтө чоң айырма бар.

## Кыжырдуу улут коргоочулугу

Улутчулдук, жалпысынан, бир адамдын өз элин жана жашаган мекенин сүйүшү маанисине келет. Бул өтө табигый жана сонун бир сезим. Мунун динге карама-каршы тарабы жок жана адамзатка бир зыяны да тийбейт. Бир адамдын ата-апасын сүйүшү канчалык кадыресе сезим болсо, аны чоңойткон, ишеними жана маданияты орток болгон өз элин сүйүшү да кадыресе бир сезим. Түрк улутчулдугу да ушундай сонун бир сезим; эч кимди динине, тилине, улутуна карап бөлбөй, баарын камтыйт.

Улутчулдук сезиминин туура эмес абалга келиши сүйүүнүн туура эмес бир сезимге айланышынан келип чыгат. Бир адам өз элин сүйүп жатып, башка элдерди жок жерден эле душман көрүп баштаса, өз элинин кызыкчылыктары үчүн башка улуттардын жана элдердин акыларын тебелөөнү, мисалы, алардын жерлерин басып алууну, мал-мүлктөрүн тоноону максат кылса, туура эмес тарапка оогон болот. Же өз элине болгон сүйүүсүн бир фашизмге айландырганда, б.а. өз элин генетикалык жактан башкалардан жогору көргөндө да туура эмес пикирге келген болот.

Аллах мындай туура эмес улутчулдукка Куранда көңүл бурат. Аяттарда «кыжырдуу улут коруучулугу» деп сүрөттөлгөн мындай көз-караш динден алыс, караңгы элдердин бир мүнөзү катары баяндалат:

**Ал чындыкты (динди) тангандар өз жүрөктөрүндө «кыжырдуу улут коргоочулугун», караңгылыктын «кыжырдуу улут коргоочулугун» жасап-күчөтүшкөндө, ошол замат Аллах элчисине жана ыймандууларга «ишеним жана бейпилдик сезимин» түшүрдү жана аларды «такыба сөзүндө» «бекемдик менен коргоду». Ансыз да алар буга ылайык жана татыктуу эле. Аллах бүт баарын толук билүүчү. (Фетих Сүрөсү, 26)**

Көңүл бурулган болсо, аятта «кыжырдуу улут коргоочулугунан» сөз кылынып, ага каршы Аллахтын ыймандууларга ишеним жана бейпилдик сезимин бергени айтылууда. Демек, өз коомуна (уруусуна же улутуна) болгон сүйүүсү натыйжасында кыжырдуу жана зомбулукчу көз-караште болгон адамдардын андай мамилеси туура эмес, күнөө болот. Аллах андайга каршы ыймандуулардын бейпил,

ишенимдүү жана токтоо мамиле кылышын каалоодо. Башкача айтканда, Аллах ыймандуулар үчүн жактырган маанай – бул «акылы ордунда» болгон бир адамдын маанайы.

Кыжырдуу улут коргоочулугу мына ушул «акылы ордунда» болгон маанайды жок кылып, адамдарды тили, өңү, уруусу же эли башка болгону үчүн бир-бирин жек көрүп, жаман мамиле кылууга түртөт.

Аллах 1400 жыл мурда Куранда сүрөттөгөн мындай кыжырдуу улут коргоочулугун учурда дүйнөнүн төрт тарабынан көрүүгө болот. Африкада башка уруудан болгону үчүн гана бир-бирин өлтүргөн адамдар бар. Европада бир футбол таймашын куралдуу кагылышууга айланткан жана берки өлкөнүн тараптарларын ошол тараптан болгону үчүн гана өлөөрчө сабаган «хулигандар» кездешет. Батыш дүйнөсүндө жалпысынан негрлерди, еврейлерди, түрктөрдү, африкалыктарды же башка бир азчылыктарды жек көргөн, ал тургай, аларга карата теракттарды уюштурган, ушул максатта уюмдар түзгөн адамдар бар.

Кыжырдуу улут коргоочулугу мындай астыңкы класстарга эле эмес, көп өлкөлөрдүн эң жогорку катмарына да таасирин тийгизүүдө. Кичинекей бир чек ара маселесин шылтоо кылып, зомбулукчу каалоолорун канааттандыруу үчүн гана бир-бирине согуш ачкан, ал согуштарды көп жылдар бою өжөрлүк менен улантып, өз калкын да, берки өлкөнүн калкын да жокчулук жана азапка салган көптөгөн өлкөлөр бар. Булардын чечим ала турган кишилери кыжырдуу улут коргоочулугунун таасири астында болушат. Алар аятта сүрөттөлгөндөй «өз жүрөктөрүндө караңгылыктын кыжырдуу улут коргоочулугун жасап-күчөткөн» караңгы адамдар.

Мындай караңгы адамдар 20-кылымдын эки чоң балээси болгон биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштарды да даярдап, ал тургай, жасаган кишилер. «Немец баатырдыгы», «англис намысы», «орус эр жүрөктүгү» деген сыяктуу сезимтал түшүнүктөрдүн таасири астында калышып, өз элдерине да, бүт дүйнөгө да чоң балээ алып келишкен жана эки ири согушта жалпысынан 65 миллион адамдын канын төгүп, он миллиондогонун майып, тул, жетим калтырышкан.

Бул балээнин булагы болгон «кыжырдуу улут коргоочулугунун» азыркы доордогу аты болсо – бул «романтикалык улутчулдук».

## Романтикалык улутчулдуктун келип чыгышы

Улутчулдук Европада негизинен 18-кылымда тараган бир көз-караш катары белгилүү. Мурда көптөгөн сюзерендин башкаруусу астында жашаган өлкөлөр бирдиктүү борбордук башкаруу астында биригип, алгачкы улут-мамлекеттерди курушкан. Англия жана франция сыяктуу Европа өлкөлөрү улутчулдукту эң алгач кабыл алган жана улут-мамлекетке айланган эң алгачкы өлкөлөр деп эсептелишет. 19-кылымга келгенде Европадагы өлкөлөрдүн көпчүлүгү улуттук биримдикти түзүшкөн.

Эки өлкө гана мындан сыртта калган: Германия менен Италия. Эки өлкөдө тең княжестволордун же кичинекей шаар мамлекеттердин бийлиги көпкө чейин уланган. Италия 1870-жылы гана, Германия болсо бир жылдан кийин, 1871-жылы гана улуттук биримдикке жетип, бир улут-мамлекет болуп тарых сахнасына чыга алган. Башкача айтканда, эки өлкө тең улутчулдукту кабыл алууда жана турмушка ашырууда башка Европа өлкөлөрүнөн кеч калган.

Бирок бул жагдай эки өлкөдө тең Европанын башка өлкөлөрүнө салыштырмалуу көбүрөөк радикалдуу улутчул агымдардын чыгышына жана тамырлашына себеп болгон. Коомдук илим

адистеринин жалпы пикири боюнча, улутчулдуктун эң уч мисалдары болгон нацизм жана фашизмдин ушул эки өлкөдө пайда болуп, бийликке жетишинин себеби эки өлкөдө тең кеч калган улуттук биримдик себебинен кеңири тараган фанаттык улутчул сезимдер болгон.

Бул эки өлкөдө, өзгөчө Германиядагы мындай фанаттык улутчул түшүнүктүн лидерлери тарыхта **«романтикалык улутчулдар»** катары белгилүү. Романтикалык улутчулдуктун негизги мүнөздөрү мындай: акылга эмес, сезимдерге жана интуицияларга таянышат, өз улутун мистикалуу жана сырдуу бир «рухка» ээ деп ойлошот жана бул рух ал улутту башкаларынан жогору кылат деген жаңылыш пикирге ишенишет. Романтикалык улутчулдар 19-кылымдын аягында кеңири тараган расисттик теориялардан да таасирленишкен жана Европалык расалар дүйнөдөгү калган расалардан өйдө жана аларды башкаруу укугуна ээ деген чындыкка коошпогон пикирлерди айтып чыгышкан.

Романтикалык улутчулдук өзгөчө 20-кылымдын алгачкы эки он жылында Германияда тездик менен тараган. Поль Лагард (Paul Lagarde) жана Юлиус Лангбен (Julius Langbehn) сыяктуу кишилер немецтер бүт дүйнөнү башкара турган бир иерархиялык дүйнө тартиби курулушу керек дешкен. Буга болсо толугу менен «немец рухунан» жана «немец канынан» келип чыккан жогорулук аркылуу жетишилет, ал үчүн немецтер илгерки путпарасттык ишенимдерге кайтып, христиандык сыяктуу Кудайдан келген диндерди ташташы керек дешкен.

Романтикалык улутчулдуктун жайылуусунда ошол кезде Германияда түзүлгөн мистикалуу (оккульттук) бирикмелердин да маанилүү ролу болгон. Ал бирикмелердин орток дүйнө көз-карашы «адам акылы менен эмес, сезимдери менен тууранын таба алат», «ар бир улуттун бир «эл руху» бар» жана «немец эл руху – бул путпарасттык (идолдорго сыйынуу)» деген сыяктуу бир катар негизсиз пикирлерден турган. Ал бирикмелер Гитлерге жана натыйжада нацизмге да пайдубал даярдаган. Англиялык тарыхчы Майкл Говард (Michael Howard) «пан-германдык немец улутчулдугунун руханий күчүн жана идеологиялык тамырын окульттук бирикмелерден алганын жана окульттук салттын 1920-жылдары пайда болгон Национал-социализм (нацизм) агымына да маанилүү пайдубал даярдаганын» жазат.[1]

Чындап эле романтикалык улутчулдуктун адамзатка салымы тарыхтын эң таш боор жана кандуу режимдеринин бири болгон нацизмге пайдубал даярдоо гана болгон.

## Романтикалык улутчулдук шизофрениясы

Романтикалык улутчулдар адам акылы менен эмес, «сезим жана интуициялары менен» тууранын таба алат деп ойлошкондуктан, өтө логикасыз, татаал жана башаламан бир дүйнө көз-карашын чыгарышкан. Америкалык тарыхчы профессор Герхард Ремпель (Gerhard Rempel) "Reform, Liberation And Romanticism In Prussia" (Пруссияда реформа, эркиндешүү жана романтизм) темалуу макаласында романтикалык улутчулдардын рух дүйнөсүн төмөнкүчө сүрөттөйт:

Романтиктер фантазияга, сезимталдыкка жана символизмге качууну тандашкан. Руханий жактан дайыма өлүмгө кызыгышып, түндүн караңгылыгында меланхолиялык депрессияларга түшүшкөн. (Романтикалык улутчулдуктун лидерлеринен) Новалис «жашоо рухтун бир оорусу гана» деген. Бул жердеги фактор – бул эстетикалык пессимизмдин башталышы... Романтизм адам рухунун тереңиндеги акылга сыйбас (иррационалдуу) күчтөрдү ачыкка чыгарды... Новалис бүт дүйнөлөрдү жана доорлорду

кыял сыйкыры менен бириктирүүгө болооруна ишенчү... Согуш жөнүндөгү мекенчил адабияттын өнүгүшү менен бирге «рухтун бийи» деп аталган бул көз-караш коомдун кеңири массасына тарады...

Немец романтиктери эстетизм культун чыгарышкан, бул болсо акылды четке кагууга жана реалдуулукту бир заматта, кокустан түшүнүү аракетине таянган. Бул теория боюнча, поэтикалык нерсе абсолюттук чындыктын дал өзү эле.[2]

Романтикалык улутчулдуктун пайдубалы сезимдерди «чыныгы дүйнө» катары кабыл алууга таянган. Бул кыялкеч көз-караш чындыктардан толугу менен алыс, өзүнүн руханий башаламандыгы ичинде жашаган адамдарды пайда кылды. Романтизмдин адамды чындыктардан алыстаткан, бир катар сезимдердин туткунуна айланткан мындай таасирин бир акыл оорусу болгон шизофренияга окшотууга болот. (Шизофрения менен жабыркагандар чындыктардан толугу менен алыстап, жеке кыялдарынын дүйнөсүндө жашашат.)

Мындай шизофрендик маанайдын бир мисалы – бул романтик улутчулдардын кээ бир түшүнүктөрдү идолдоштурушу эле. Булардын башында «кан» жана «жер» түшүнүктөрү турган. Германияда 20-кылымдын баштарында пайда болгон "Blut und Boden" (Кан жана жер) аттуу пикирдик агым немец каны менен немец жерлеринин өзгөчө бир ыйыктыгы бар, немец улутунан болбогон азчылыктар бул кан менен жерди «кирдетишүүдө» деп чыккан. Бул агымдын нацизм идеологиясына чоң таасири болгон. Нацисттер кан төгүлүшүн ыйык бир иш-чара катары көрүшкөн. Гитлердин 1923-жылкы ийгиликсиз төңкөрүш аракети учурунда жаракат алган нацисттердин кандары менен булганган бир партия желеги бир идолго айландырылган. "Blutfahne" (Кан желеги) деп аталган ал желек ошол бойдон сакталып, ар бир нацисттик церемонияда эң ыйык символ болгон. Ал тургай, нацисттик партиянын он миңдеген жаңы желегин Blutfahne'ге сүртүшүп, натыйжада андагы «ыйык» күч жаңы желектерге да өттү деп ишенишкен.[3]

## Романтикалык улутчулдуктун канкорлугу

Канды жана кан төгүүнү ыйык деп эсептеген мындай маанай адамзат тарыхынын эң кандуу согуштарына да от чаккан. Биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштар романтик улутчулдардын кагылышуусу гана болгон. Эң ачык абалда Германияда көрүлгөн романтикалык улутчул агым ошол доордун Англия, Франция жана Россия элдерине да таасир көрсөтүп, ал өлкөлөрдүн башчыларын согушка түрткөн. Келишимдер менен чечүүгө мүмкүн болгон маселелер күчөтүлүп, дүйнө миллиондогон адамдын өмүрүн алып кеткен бир кыргынга туш болгон.

Биринчи дүйнөлүк согуштун жүрүшүн анализдөө романтикалык улутчулдуктун натыйжаларын көрсөтүшү жагынан пайдалуу болмокчу. Согушка көптөгөн өлкөлөр катышканы менен, түпкүрүндө мунун башында бир канча өлкө турган: бир тарапта Англия, Франция жана Россия, экинчи тарапта болсо Германия жана Австро-Венгрия. Согуштун башында бул өлкөлөрдөгү генералдардын баары күчтүү бир кол салуу менен душман армияларын талкалап, бир канча жумага калбай жеңишке жетебиз деген орток пикирде болушкан. Бирок согуш эч кимге жеңиш алып келген эмес.

Германия 1914-жылы Франция менен Бельгияга күтүүсүз бир кол салуу менен кирип, бир аз алга жылган соң согуш кулптанып калган жана эки тараптын фронттору 3,5 жыл бою дээрлик эч ордунан жылган эмес. Эки тарап тең душман фронтун жарам деген үмүт менен кайра кайра бир-бирине кол

салган, бирок эч нерсе өзгөргөн эмес. Немец кол салуусу менен башталган белгилүү Верден согушунда жалпысынан 315000 француз жана 280000 немец аскери өлгөн, бирок фронт бир канча километрге гана артка жылган. Бир канча айдан соң англис жана француздар Сомма согушу кол салуусу менен жооп беришип, кандуу кагылышуулар натыйжасында 600000 немец, 400000ден ашуун англис жана болжол менен 200000 француз аскери өлүп, жыйынтыгында немец фронтун 11 километрге гана артка жылдыра алышкан. Романтикалык марштар менен, жалындуу ырлар менен, **«немец руху», «англис намысы», «француз тайманбастыгы»** сыяктуу жасалма сезимтал түшүнүктөр менен толкунданып, акылсыз чечимдерди алган башчылар өз элдерин кыргынга туш кылышкан. Аман калган аскерлердин көпчүлүгүндө 3,5 жыл бою ылай траншеяда баштарын көтөрбөстөн жана тынымсыз бомбалоонун астында жашоонун натыйжасында психологиялык көйгөйлөр пайда болгон.

Романтикалык улутчулдуктун себепсиз канкорлугунун биринчи дүйнөлүк согуштагы бир мисалы француз генерал Роберт Нивельдин 1917-жылы апрельдеги немец армиясына жасаган кол салуусу болгон. Нивель кол салуудан мурда «болгону эки күн ичинде немец армиясын бузуп өтүп, бир жуманын ичинде толук жеңишке жетүү» убадасын берген. Немец армиясы артыкчылыктуу болгонуна карабастан, бул сезимтал убададан таасирленген француз армиясы 16-апрельде кол салууга өтүп, эки күндө жыйынтык алабыз деп үмүттөнгөн кол салуусу 1,5 айдан ашыкка созулуп, баары бир эч жыйынтык алына алган эмес. Жүз миңдеген аскер өлүп, аягында француз армиясынын ичинде ички баш көтөрүүлөр келип чыккан.

Ушундай эле канкор көз-караш экинчи дүйнөлүк согушта да турмушка ашып, бул жолу алда канча көп адам, жалпысынан 55 миллион киши Гитлер, Муссолини, Сталин сыяктуу психопат романтиктердин каалоолору себептүү каза тапкан.

Дүйнөлүк согуштар эле эмес, ар кайсы өлкөлөр, уруулар же уюмдар арасындагы согуш жана уруштардын негизинде да романтизмдин чоң ролу бар. Айланасындагы дүйнөнүн шарттарын акылы менен анализдей албаган, сезимтал ураандардын, баатырдык жомоктордун, жалындуу марштардын жана ырлардын таасири менен куралды колго алган миллиондор өздөрүнүн да, душман көргөн кишилердин да канын төгүп, дүйнөнү башаламандык менен фитнага (кыйынчылыкка) салышкан.

Китептин башында сезимталдыктын адамзатты Аллахтын жолунан чыгаруу жана балээлерге туш кылуу үчүн шайтан тарабынан колдонулган бир курал экенин айткан элек. Шайтан адамдарга курган бул тузак романтикалык улутчулдукта апачык көрүнүүдө. Аллах Куранда шайтандын алдай алган адамдарын кандай уруш-талаш, ызы-чуу жана террорго түртөөрүн төмөнкүчө кабар берет:

**(Аллах) Айткан эле: «Бар, алардан ким сени ээрчисе, шексиз силердин жазаңар – тозок, кемчиликсиз бир жаза. <u>Алардан күчүң жеткендерди үнүң менен адаштыр, аттууларың жана жөө (аскер)лериң менен аларга ызы-чуу чыгар,</u> мал-мүлктөрдө жана балдарда аларга шерик бол жана аларга ар кандай убадаларды бер». Шайтан аларга калптарды гана убада кылат. (Исра Сүрөсү, 63-64)**

Бул аятта шайтандын өз контролундагы адамдарды колдонуп жер жүзүндө «адаштыра турган үндөр» жана «ызы-чуу чыгара турган аскерлер» түзөөрү айтылууда; романтикалык улутчулдуктун натыйжалары дал ушундай.

## Романтикалык улутчулдуктун пикирдик пайдубалы: дарвинизм

Романтик улутчулдар сезимдик бир тенденция болгон канкордукка колдоо табуу үчүн бир катар философиялык жана калп «илимий» пикирлерди да колдонушкан. Бул пикирлердин негизгиси – Дарвиндин эволюция теориясы.

Англис биолог Дарвин 1859-жылы жарык көргөн *«Түрлөрдүн келип чыгышы»* аттуу китебинде табиятта айоосуз бир жашоо күрөшү бар, бул күрөш жандыктарды өнүктүрөт жана жаңы түрлөр ошол күрөштө жеңип же жеңилгенине жараша пайда болот деген. Башкача айтканда, Дарвиндин оюу боюнча өнүгүүнүн ачкычы – бул «уруш». Дарвин 1871-жылы чыгарган *«Адамдын келип чыгышы»* аттуу китебинде бул пикирлерине андан да ачыгыраак басым жасаган. Ал тургай, ал китепте адам расаларынын кээ бирлеринин башкаларына караганда алдыраакта экенин айтып, расизмге негиз даярдаган. Дарвин европалык ак расаларды «алдыңкы расалар» деп, негрлерди, азиялыктарды жана ал тургай түрктөрдү да «жарым-маймыл, примитивдүү расалар» деген.

Дарвиндин илимге сыйбаган бул теориясынын жайылышы менен бирге расизм жана согушчулдук да тездик менен колдоо таап, бул эки түшүнүк «илимий бир чындыктай» кабыл алынып баштаган.

Романтик улутчулдардын дарвинизм менен болгон байланышы мына ушул жерде көрүнөт. Романтик улутчулдар согуш каалоолорун жана өз расаларын башкалардан өйдө көргөн көз-караштарын дарвинизмге таяшкан.

Укмуш кан төгүүгө сахна болгон биринчи дүйнөлүк согуштун түбүнөн дарвинизмдин ушул караңгы пропагандасын табууга болот. Жүз миңдеген аскерди эч ойлонбостон, болбогон бир максат үчүн өлүмгө жөнөткөн немец, француз, англис, орус же австриялык генералдар дарвинизмдин «жандыктар уруш аркылуу өнүгөт жана расалар да согуш аркылуу көтөрүлөт» деген калпына ишенишип, ошол маанайда согуш буйругун беришкен.

Мисалы, биринчи дүйнөлүк согуш генералдарынан Фридрих фон Бернарди согуш менен табияттагы согуш мыйзамдары арасында төмөнкүдөй байланыш түзгөн:

**Согуш биологиялык бир муктаждык,** табияттагы элементтердин кагылышуусу сымал керектүү; биологиялык тараптан керектүү жыйынтыктарды берет, себеби ал жыйынтыктар жандыктардын негизги касиеттери менен байланыштуу.[4]

Австро-Венгриянын башкы командачысы генерал Франц Барон Конрад фон Хетцендорф (Franz Baron Conrad von Hoetzendorff) болсо согуштан кийинки эскерүүлөрүндө мындай деп жазган:

Дүйнөлүк согуштун чоң балээси (адамзаттын жашоо күрөшү) принцибине толук ылайык турмушка ашкан. Адамдардын жана мамлекеттердин жашоосунун негизги күчүнөн чыккан бул согуш, сыртка чыгышы керек болгон чагылгандын заряды сыяктуу, табияттын бир эрежеси.[5]

Германиянын премьер-министри Теобальд фон Бетман-Гольвегдин (Theobald von Bethman-Hollweg) жеке кеңешчиси жана сырдашы Курт Рицлер (Kurt Riezler) 1914-жылы мындай деп жазган:

**Чыныгы жана түбөлүктүү душмандык адамдар арасындагы мамилелердин табиятында бар.** Бүт жерде кездешкен, түгөнгүс жек көрүү... адам табиятынын бузулушунан келип чыкпайт, тескерисинче табияттын жана жашоонун булагынын маңызында бул бар.[6]

Ал кездин мамлекеттик кызматкерлерине жана башчыларына таасир тийгизген, душмандык менен уруш адамдын табиятында бар деген көз-караш, албетте, чоң калп. Адам, эволюционисттердин

айтканынын тескерисинче, боорукердиктен, мээримден, сүйүүдөн жана тынчтыктан ырахат ала тургандай кылып жаратылган. Адамдын табияты – бул Аллах буйруган дин менен жашоо. Динден тышкары адамга таңууланган ар кандай негизсиз көз-караштардын баары адамда да, элдерде да бузулууга жана дегенерацияга себеп болот.

Романтизм өз чөйрөсүнө жакындыкты, башкаларга болсо жек көрүүнү күчөтөт. Мындай түшүнүк дарвинизмдин «расалардын жашоо күрөшү» түшүнүгүнө өтө дал келген. Дарвиндин теориясынын коомдук илимдерге тууралангань «социал дарвинизм» деп аталат жана социал дарвинизм романтик улутчулдар менен расист агымдардын эң негизги таянычы болгон. Америкалык автор Жанет Биил (Janet Biehl) "Ecology and the Modernization of Fascism in the German Ultra-Right" (Экология жана Германиянын ультра-оңчулдарында фашизмдин модернизациясы) аттуу макаласында бул жөнүндө мындай деп жазат:

**Германиянын ультра-оңчулдарында социал дарвинизмдин терең тамырлары бар...** Англо-американын социал дарвинизминдеги сыяктуу, немец социал дарвинизми да адамдардын социалдык институттарын адамгерчиликсиз дүйнөдөн алынган «табигый мыйзамдар» менен түшүндүргөн. Бирок англо-америка социал дарвинизми «ылайыктуулардын жеңиши» түшүнүгүн жапайы капиталист бир токойдо жеке ишкердүүлүктүн пайдасы катары чечмелесе, **немец социал дарвинизми «ылайыктуулардын жеңиши» түшүнүгүн негизинен раса маанисинде түшүнгөн.** Ошондуктан (бул көз-караш боюнча) «эң ылайыктуу» раса «жашоо күрөшүндө» бүт башка атаандаштарынан үстөм болуп жеңет, жеңиши керек.[7]

Германияда социал дарвинизмдин эң башкы өкүлү Эрнст Геккель (1834-1919) аттуу белгилүү бир дарвинист биолог эле. Дарвиндин эмгектеринен өтө таасирленген Геккель өз оюнда дарвинизмге «салым» да кошуп, кыскача «Индивид болуу түр болуунун кайталанышы» (Ontogeny Recapitulates Phylogeny) деп айтылган жана сүт эмүүчүлөрдөгү эмбриондор эволюция процессин чагылтат деген теорияны чыгарган. (Бул теориянын жараксыздыгы бир канча жылдан кийин белгилүү болду жана ал тургай, Геккельдин колдонгон схемаларында көз бойомочулук кылганы аныкталды.)

Геккель «Монист (Monist) биримдиги» аттуу, максаты атеизмди жайылтуу болгон бир бирикме түзүп, ал бирикме ошол эле учурда расизмдин жана романтикалык улутчулдуктун борбору болгон. 1920-жылдары Гитлердин лидерлиги менен өскөн нацизм кыймылы Геккельдин пикирлеринен жана Монист биримдигинен таасирленген. Бул теманы изилдеген тарыхчы Даниэль Гасман (Daniel Gasman) *The Scientific Origins of National Socialism: Social Darwinism in Ernest Haeckel and the German Monist League* (Национал социализмдин илимий тамырлары: Эрнст Геккельде жана немец Монист биримдигинде социал дарвинизм) аттуу китебинде мындай деп жазат:

Германиядагы расизмден илхам алган **социал дарвинизм... пайда болушунда дээрлик толугу менен Геккельге карыздар эле...** (Геккельдин) пикирлери **расизм, империализм, романтизм, антисемитизм жана национализм** агымдарынын бир дене астында ббиригип, бир идеологияга айланышына кызмат кылды... Волкизмдин (романтик улутчул немец улутчулдугунун) чындыгында толугу менен акылга сыйбас жана мистикалык пикирлерине илимдин салмагын кошкон киши Геккель эле.[8]

Гасман бул жөнүндө төмөнкүлөрдү да жазат:

Англияда **дарвинизм** табигый дүйнөнүн социалдык дүйнөгө бир чагылуусу катары «жөн койгула жасай беришсин» (laissez faire) капитализм индивидуализминин бир бутагы болгон болсо, **Германияда**

**немец романтизминин бир чагылуусу болгон...** Дарвинизмдин Германияда алган формасы – бул бир жасалма илимий табият дини, расизм аралаш бир табиятка сыйынуу мистицизми.[9]

Жанет Биил (Janet Biehl) болсо бул жөнүндө «Геккель мистикалык расизмге жана национализмге ишенген, **немец социал дарвинизми эң башынан баштап романтикалык расизмге жана романтикалык улутчулдукка жасалма биологиялык бир пайдубал түзгөн саясий бир кыймыл болгон»** деп жазат.[10]

## Жыйынтык

Булардын баары романтизмдин толугу менен динге карама-каршы бир психология жана дүйнө көз-карашы экенин дагы бир жолу көрсөтүүдө. Биринчи чыгарылган күндөн баштап атеизм менен дээрлик бир мааниге келген дарвинизмдин романтизмге ушунчалык жакын болушу мунун апачык бир көрсөткүчү.

Романтик улутчулдуктун дарвинизм менен болгон байланышы жана нацизм кыймылынын пайда болушундагы ролу бизге дагы бир өтө маанилүү чындыкты көрсөтүүдө: романтизм адамдар үчүн да, калктар үчүн да өтө кооптуу бир агым. Себеби романтизмге кабылган адамдар «биздин улутубуз башка улуттардын баарынан өйдө, согуш чыгарып бүт дүйнөнү басып алуу укугуна ээ, башка улуттарды жок кылышы же өзүнө кул кылышы толук кадыресе көрүнүш» деген акылга, логикага жана абийирге эч туура келбеген көз-караштарга оңой эле кирип кетиши мүмкүн.

**Фашисттик Германия** романтизмдин мындай кыйратуучу жана заалым натыйжасын көрсөткөн эң негизги тарыхый мисалдардын бири. Фашисттердин 1933-жылы бийликке келиши менен бирге Гитлер жана жардамчылары немец калкына карата **«романтикалык мээ жуумай»** кампаниясын башташып, романтикалык улутчулдуктун эң тантык пикирлерин кыска убакытта элге кабыл алдырышкан. 1930-жылдардын аягына келгенде немец калкынын абдан көп бөлүгү жакында бүт дүйнөнү башкара турган 1000 жылдык бир «Немец хандыгынын» (III. Рейх) курулаарына, бул максатка жетүү үчүн немец расасы «тазаланышы» жана бул максатта өлкөдөгү бүт азчылыктар сүргүнгө айдалышы керек экенине, Гитлердин метафизикалык күчү бар адашпас жана жаңылбас бир «лидер» (Фюрер) экенине жана аларды абсолюттук жеңишке жеткирээрине ишенишкен. Гитлердин кыжырдуу, зомбулукчу, параноиддик жана текебер сөздөрүн көз жаштарын төгүп угушуп, өздөрүн жоготуп, жалпылай гипноздолгондой болушкан.

Фашисттердин белгилүү Нюрнберг (Nuremberg) митингдери мындай «романтикалык мээ жуумайдын» негизги демонстрациясы болгон. Америкалык изилдөөчүлөр Baigent, Leigh жана Lincoln бул митингдерди төмөнкүдөй сүрөттөшөт:

Терс даңкы чыккан Нюрнберг митингдеринде... бүт баары –униформалардын жана желектердин түстөрү, сүйлөөчүлөрдүн орду, программанын түндүн жарымына дал келтирилиши, чырактардын колдонулушу, убакыттар- өтө кылдат эсептелчү. Ал митингдерде тартылган фильмдер **адамдардын өзүн-өзү мас кылганын, өздөрүн бир транска салганын,** «Sieg Heil» деген фашисттик ураанды тынымсыз кайталап, Гитлерге сыйынгандай болуп фашисттик салам бергенин көрсөтүүдө. **Массалардын жүзүндө бопбош бир мээден келип чыккан бактылуулук окулат...** Бул ынандырарлык сөздөр айтылгандан улам болгон эмес. Тескерисинче, негизи Гитлердин сөздөрү эч ынандырарлык болгон эмес. Дээрлик дайыма жөнөкөй, жаш балача, бир эле нерсени кайталай берген жана ичи бош

сөздөр болгон. Бирок ал сөздөрдү айтуу формасы уулуу бир энергиялуу, бир добулбас ритми сымал гипноздоочу болгон. Жана бул масса психологиясынан келип чыккан жугуштуулукка, айланасы курчалган бир жерге батырылган миңдеген адамдын таасирине кошулганда ... **массалык истерияны** пайда кылат... Гитлердин митингдериндеги нерсе – психологдор көбүнчө мистикалык эксперименттерди түшүндүрүү үчүн колдонгон **«аң-сезимдин тайышы»** абалы.[11]

Кыскасы, фашизм митингдери адамдарды толугу менен акылдан аздырып, романтизмдин сыйкырына орогон массалык гипноз сеанстары болгон. Мындай романтикалык истерия экинчи дүйнөлүк согушту тутантып, 55 миллион адамдын өмүрүн алып кеткен.

Фашизм романтизмдин кыйратуучу таасирлеринин бир мисалы гана. Романтизм адамдарды акылдан аздырып, акылдын ордуна сезимдердин башкаруусуна киргизгени үчүн, аларды ар кандай адашууга түртүшү мүмкүн. Ошондуктан романтик бир адамды кандайдыр бир багытка буруу оңой болот. Эгер айланасындагылар ошондой болсо, кыска убакытта күчтүү бир расист жана фашистке айлана алат. Буга тескери бир чөйрөдө турганда болсо, бул жолу коммунист бир партизанга айланып, ленинист марштарды ырдап күнөөсүз адамдарга кол салат, ал тургай, өзүн өрттөй турган даражада акылын жоготот. Өтө таш боор жана заалым бир романтиктин бир канча саат өткөн соң көз жаштарга буулуп, өпкөлөп ыйлап жатканын да көрүүгө болот. Акыл жоголуп, адам сезимдеринин –тагыраак айтканда, шайтан напсисинде күүлөгөн каалоолорунун- туткунуна айланган соң чектен чыгуунун жана анормалдуулуктун чеги жок болуп калат.

# РОМАНТИЗМДИН БАШКА ИДЕОЛОГИЯЛАРЫ

**... «Ант болсун, кулдарыңдан «саны белгилүү бир топту» (өзүмө куйрук) кылып алам. Аларды –кандай гана болбосун- жаңылтып-адаштырам, эч болбогон куру ойлорго салам жана аларга сөзсүз малдардын кулактарын кесүүнү буйруйм жана Аллахтын жаратқандарын өзгөртүүнү буйруйм.» Ким Аллахты коюп, шайтанды дос кылса, албетте, ал апачык кыйроого туш болот. (Ниса Сүрөсү, 118-119)**

**М** урдакы бөлүмдө романтизмдин «романтикалык улутчулдук» таасирлерин карадык. Эми мунун экинчи тарабын да карайлы жана романтизм адамдарды түрткөн башка кээ бир балээлерге токтололу. Биринчи карап чыгуу керек болгон идеология – бул адамзатка жок дегенде романтикалык улутчулдуктай «кан кустурган» коммунизм.

## КОММУНИСТ РОМАНТИЗМ

Коммунизм калп эле «акылга таянган» бир идеология катары пайда болгон. Идеологияны түзгөндөр, б.а. Карл Маркс (1818-1883) менен Фридрих Энгельс (1820-1895) материалисттик философияны кабыл алып, аны коомдук илимдерге киргизип, «тарыхтын эрежелерин» аныктадык деп ойлошкон. Маркс тарыхты бир канча этапка бөлүп, ал доордо Англия сыяктуу алдыңкы өлкөлөрдө «капиталисттик доордун» өкүм сүрүп жатканын, андан соң сөзсүз бир жумушчулардын төңкөрүшү болоорун жана социалисттик доордун башталаарын айткан. Маркс бул төңкөрүш өзүнөн-өзү, б.а. жумушчулардын өз инициативасы менен болот жана Англия сыяктуу өнөр-жайы өнүккөн өлкөлөрдө ишке ашат деген алдын-ала божомолун айткан.

Бирок Маркстын божомолдору ишке ашкан эмес. Алардын туура эмес экени ал өлгөндөн кийинки 30-40 жыл ичинде апачык көрүлгөн. Англияда же башка бир индустриалдашкан өлкөдө бир төңкөрүш болбой, тескерисинче жумушчулардын социалдык жана экономикалык шарттары жакшырган.

### Коммунизм акылга таянат деген көз-караштын жараксыздыгы

Натыйжада Маркстын теориясы тарыхтагы көптөгөн жаңылыштыктар сыяктуу бир ката катары кабыл алынып, бир четке коюлушу керек эле. Бирок андай болгон эмес. Өздөрүн «марксисттер» деп атаган бир топ адам Маркстын ишке ашпаган божомолдорун мажбурлап болсо да ишке ашыруу аракетин башташкан. Маркс «өзүнөн-өзү болот» деген төңкөрүшү эч болбой койгон соң, аны куралдын күчү менен жасай турган уюмдарды куруу жана «төңкөрүшчү» болуу чечимин алышкан. Марксты ушундайча башкадан чечмелеген жана Маркстын ишке ашпай калган божомолдорун шылтоолор аркылуу түшүндүрүүгө аракет кылган эң негизги марксист Ленин болгон.

Ленин төңкөрүштүн Англия сыяктуу өнүккөн өлкөлөрдө боло албашын, анын ордуна Россия сыяктуу өнөр-жайы өнүкпөгөн өлкөлөрдө аракет кылуу керек экенин, коммунизмдин ал жерде ийгиликке жетээрин жана андан соң бүт дүйнөгө жайылаарын айткан. Бул кыялын турмушка ашыруу

үчүн Россиянын ичинде жана сыртында көп жылдар бою төңкөрүшкө даярдык жасап, биринчи дүйнөлүк согуштун башаламандыгы учурунда издеген мүмкүнчүлүгүн таап, бийликке келген.

Бирок Лениндин божомолдору да дал Маркстыкы сыяктуу калпка чыкты. Курган системасы да ийгиликке жете алган жок, коммунизм да ал ойлогондой дүйнөгө жайылган жок. Учурда Ленин курган Советтер союзу тарыхка айланды. Советтердин басып алышы жана кысымчылыгы менен коммунист кылынган өлкөлөрдө да коммунисттик система кыйрады. Коммунизм 20-кылымдын эң чоң жана эң ийгиликсиз эксперименти катары кабыл алынууда.

Марксизмдин бир жаңылыштык экени бир эле божомолдорунун жана курган системаларынын кыйрашы аркылуу эмес, ошол эле учурда таянган философиясынын кыйрашы аркылуу да далилденди. Марксизмдин негизи болгон материалисттик философиянын бүт негизги гипотезалары 20-кылымдагы илимий ачылыштар аркылуу жокко чыгарылды. Мисалы;

1. Материализм аалам чексиз илгертен бери бар, ошондуктан зат жаратылган эмес дейт. Бирок 20-кылымда кабыл алынган Биг Бенг (Big Bang – Чоң жарылуу) теориясы заттын жана убакыттын жоктуктан жаратылганын көрсөттү. Бул теория ааламдын мындан 10-15 миллиард жыл мурда жоктуктан пайда болгонун, жоктук ичинде бир кезде кичинекей бир кыймылдын пайда болгонун көрсөттү. Б.а. Биг Бенг эч нерсе жок кезде, жоктук ичинде бир заматта бир кыймыл, кыймылдан соң зат жана убакыт пайда болгон деген чындыкты көрсөттү. Бул болсо материалисттердин көз-караштарын толук кыйратып, затты, убакытты жана кыймылды Аллахтын жаратканын көрсөткөн далилдердин бири болду.

2. Материализм затты жана убакытты «абсолюттук» түшүнүктөр, б.а. дайыма бар болгон, өзгөрбөгөн, туруктуу негиздер дейт. Бирок Эйнштейндин Салыштырмалуулук теориясы заттын да, убакыттын да абсолюттук түшүнүк эместигин, өзгөрмө бир кабылдоо экенин көрсөткөн.

3. Материализм адам аң-сезимин материалдык (заттык) факторлор менен гана түшүндүрүүгө, адамдын бүт аң-сезимдик функцияларын затка төмөндөтүүгө болот деген. Бирок мээнин терең изилдениши мээде эч жообу жок аң-сезимдик функцияларды аныктап, адам аң-сезиминин заттан-жогорку бир нерсеге, б.а. «рухка» тиешелүү экенин тастыктады.

4. Материализм жандыктар жаратылган эмес, Дарвиндин эволюция теориясында айтылгандай кокустуктар натыйжасында пайда болгон дейт. Бул көз-караш да 20-кылымдагы илимий ачылыштар тарабынан кыйратылып, жандыктарда четке кагылгыс бир «долбоор» бар экени жана бүт жандыктарды Аллахтын жаратканы дагы бир жолу көз алдыга тартууланды.

Эгер бир идеологиянын акылга таянаары айтылып, бирок айткандары акыл жана илим тарабынан четке кагылып жатса, ал тургай, ишке ашкан конкреттүү окуялар ал идеологиянын бүт божомолдорун жокко чыгарып жатса, анда ал идеологиянын эч айтаар сөзү калбайт. Ал идеологияны кабыл алган кишилер да идеологиянын жараксыздыгын акыл менен анализдеп байкап, аны ташташы керек. Ошондуктан эгер коммунисттер романтизмге жана кыялкечтикке эмес, акыл жана логикага таянган кишилер болгондо, бүгүнкү күнгө чейин коммунизмди жүздөгөн жолу ташташмак.

Бирок коммунизм түпкүрүндө романтизмге таянган бир идеология болгондуктан, аны жактагандар да акылдан жана илимден алыс калган бул системага жакын болууну жана бул чирик системаны чындыктарды карабай жактоону улантышууда. Эң башынан эле, б.а. Маркстын эң негизги божомолдору ишке ашпаганы көрүлгөндө эле, бул идеология бир бурчка ташталышы керек эле. Бирок ташталган жок. Дүйнөнүн төрт бурчунда пайда болгон «төңкөрүшчүлөр» Маркстын кыялдарын турмушка ашыруу үчүн

ишке киришишти. Төңкөрүштөрдү, граждандык согуштарды, партизандык күрөштөрдү, терakттарды жасашты.

Советтер союзу жана бүт Чыгыш блогу кыйрап, кызыл Кытай капиталисттик экономиканы тандады. Бирок дагы эле коммунизм ташталган жок. Дагы эле дүйнөдө жана Түркияда коммунисттик уюмдар иш-аракеттерин улантышууда. **Өздөрү айтып жаткан «төңкөрүштүн» бир кыял экенин билип туруп, коммунизмди таштабаш үчүн гана кан төгүүнү улантышууда.** Өз досторун жана өз денелерин тирүүлөй отко салып өрттөнүп жатып да коммунисттик марштарды ырдай турганчалык романтик, сокур жана максатсыз бир кежирлик менен коммунизмге берилгендигин улантышууда.

Бул коммунизмдин акылга таянган бир идеология эместигин, бул идеологияны жактагандардын аны акыл менен анализдеп эмес, башка себептен кабыл алганын көрсөтөт. Бул себепти көп адамдар «фанатизм», «катуу пикирдүүлүк» дейт. Бул сөздөр да туура. Бирок бир аз тереңирээк изилденгенде, мындай фанатизмдин түбүндө романтизмдин өтө чоң роль ойноору белгилүү болот.

Башкача айтканда, коммунизм да романтизм гипнозунан колдоо алат.

## Коммунист романтизмдин мисалдары

Коммунисттердин романтикалык маанайын башында көп кишилер байкабайт, себеби коммунисттер дайыма илимден, философиядан, акылдан сөз кылышат. Бирок бул түшүнүктөрдү да романтикалык көз-караашта кабыл алышат. Илим ачкан, бирок аларга карама-каршы келген ачылыштарды «буржуазия илими» деп эч ойлонбостон четке кагышат. Ал тургай, Сталин бул көз-караашты системалаштырып, өз доорунда «буржуазия илими» жана «пролетария илими» деп тантык жана жасалма бир бөлүүчүлүк жасаган.

Мындан тышкары, **коммунисттердин китептерин, журналдарын, ырларын же марштарын терең караганыбызда, негизи күчтүү бир романтизм бар экенин көрөбүз.** Кээ бир түшүнүктөрдү идолдоштуруп алышкан жана аларга карата ашыкча сезимтал бир жакындык сезишет. Алардын башында **«төңкөрүш»** түшүнүгү турат. Бир коммунист үчүн төңкөрүш бүт жамандыктардын бүтүшү жана бүт жакшылыктардын башталышы болуп саналат. Эч качан ишке ашпашын билип туруп, бул кыялга үмүтсүз бир ашыктык менен жабышат. Ал төңкөрүштү эч акыл менен анализ кылбайт. Төңкөрүш эмнеге жасалат? Төңкөрүш болгондо көптөгөн күнөөсүз адамдын каны жөн эле төгүлүп, бүт элдер жапа чегет, мунун эмне кереги бар? Төңкөрүшсүз эле жакыр адамдардын жашоо шарттарын оңдоого болбойбу? Төңкөрүш болгондо экономиканын абалы эмне болот? Өлкө кантип башкарылат, ички башаламандыктар кантип токтотулат, тышкы коркунучтарга кантип чара көрүлөт?

Бул реалдуу суроолордун бир коммунистке эч кандай мааниси жок. Бир гана максат төңкөрүш. Эгер жогорудагы сыяктуу суроолорго жооп берүү керек болсо, Ленин, Сталин же Мао жазган китептерден калып болуп калган сөздөрдү алып айтат, бирок бул суроолордун жоопторун реалдуу шарттарга карап ойлонбойт. Аны төңкөрүш пикирине эң көп жакын кылган нерсе – бул **сезимтал ыр саптары, жалындуу марштар.** Коммунист адабиятта көп көп «гүлдөр арасындагы кооз өлкө», «алыстардагы кызыл күн» ж.б. айтылат. Негизи төңкөрүш түшүнүгү менен коммунист арасындагы байланыш бир романтикалуу сүйүү жомогу сыяктуу.  Университеттердеги, китеп көргөзмөлөрүндөгү, маданий борборлордогу коммунисттердин стенддери, коммунисттер чогулган барлар, кафелер анализ кылынганда, бул романтизмдин ар кандай символдор менен сакталганын көрөбүз. **Чынжырларды үзгөн**

**күчтүү пролетариат плакаттары, түйүлгөн муштум сүрөттөрү, социализм үчүн согушуудан жана курман болуудан сөз кылган төңкөрүш ырлары –** коммунист романтизмдин эң кеңири тараган символдору.

Мындай романтизм кээде кийимдерге да чагылат. Үстүнө хаки (боз) түстүү бир куртка, башына коммандос кепкасын кийген коммунист бир өспүрүм өзүн Латын Американын коммунист партизан лидери Че Гевераға окшотот. Ансыз да бөлмөсүндө же жеке буюмдарынын арасында чоң ыктымалдык менен бир «Че» плакаты болот. Поп жылдыздарды идеал тутуп, ошолор сыяктуу кийинген романтик мектеп окуучуларынан бир гана айырмасы – өзүнө тандаган жылдыздын ырчы эмес, партизан болушунда.

Коммунист романтизмдин дагы бир кызыктуу мисалы – бул **өздөрүн кыйноодон жана башка адамдардын аларга боору оорушунан кызыктай бир ырахат алышы.** Мисалы, камакта **«ачкалык жарыялап»** болбогон бир максат үчүн өзүн өлүмгө айдаган коммунист бул иш-аракетинен кыйналганы үчүн ырахат алып, бир тараптан азап тартканы себептүү башка адамдардын аны айоо сезиминен жана көңүл бурушунан ырахаттанат. Ошондой эле, достору аны «чоң максат үчүн жашаган адам» дешип, суктанганы үчүн ырахат алат.

Коммунисттердин кыйналуудан алган романтикалуу ырахаты кээде өтө алыска кетиши мүмкүн. Коммунист боевиктер өздөрүн тирүүлөй өрттөө, тандаган бир досун темирге байлап, үстүнө күйүүчү зат төгүп күйгүзүү, анан ал күйүп жатканда жанына туруп алып коммунист марштарды ырдоо сыяктуу коркунучтуу жырткычтыктарды жасашат. Мындай акылга сыйбас зомбулукту жасаган коммунисттердин, фашисттик митингдердеги массалар сыяктуу, «аң-сезимдеринин тайып» калганы, толугу менен сезимтал жана психологиялык бир транска киргени апачык көрүнүүдө.

Коммунисттердин максаттарына эч жете албашын билип туруп, идеологияларын өжөрдүк менен жакташы бир романтикалык кежирдик натыйжасында болууда. «Туура эмес болсо да, ийгиликке жете албаса да, мен коммунистмин жана аягына чейин ушул бойдон калам» деген көз-караш менен коммунизмге жабышышат. Албетте, акылдуу бир адам мындай кылбайт.

Жыйынтыктасак, коммунизмдин да шайтандын адамдарды акылдан жана Аллахка ишенүүдөн алыстатуу үчүн колдонгон романтизм куралынын бир бөлүгү экени түшүнүктүү болууда. Коммунизм акылга таянган бир идеология жана философия деп айтылып чыкканы менен, чындыгында акыл менен илимге туура келбеген көз-караштарга толо, жана ал көз-караштардын 1,5 кылымдан бери дагы эле өжөрлүк менен жакталып келе жатышынын түбүндө коммунисттердин идеологияларына болгон романтикалык жакындыгы турат.

# ДИНДИ ЖАМЫНЫП ЖАСАЛГАН РОМАНТИЗМ

**Алар «жаман бир уятсыздык» кылышканда: «Биз аталарыбызды ушул жолдо көрдүк. Аллах муну бизге буйрук кылды» дешет. Айткын: «Күмөнсүз, Аллах «жаман уятсыздыктарга» буйрубайт. Аллах жөнүндө билбеген бир нерсеңерди айтып жатасыңарбы?» (Аьраф Сүрөсү, 28)**

**Р** омантизм өз башынча бир идеология же дүйнө көз-карашы эмес, ар кандай идеология менен дүйнө көз-караштарынын ичине кирип, аларга сезимтал бир маанай берип, натыйжада адамдарды акылдуулуктан алыстаткан бир фактор болуп саналат. Фашизм же коммунизм сыяктуу толугу менен динден алыс, адашкан идеологияларга кирген сыяктуу, кээде динди жамынып да адамдарга таасир берет.

Бул темага кирээрден мурда маанилүү бир жагдайга токтоло кетүү керек: дин аты менен чыккан бир кыймыл кээде чын ниеттен динчил болбошу мүмкүн. Тескерисинче, тарыхта динге жана динчилдерге зыян тийгизүү үчүн дин жана Аллах атынан чыккан көптөгөн кишилер, топтор жана көз-караштар болгон. Аллах Куранда мунун кээ бир мисалдарын бизге кабар берет. Мисалы, Аллах Семуд коомуна элчи катары жөнөткөн Аз. Салих пайгамбарды өлтүрүү үчүн план түзгөн мафия ал ишин пландап жатканда өз араларында Аллах атына ант ичишкен:

**Өз араларында <u>Аллах атынан ант ичишип</u>, мындай дешти: «түнкүсүн сөзсүз ага жана үй-бүлөсүнө бир чабуул уюштуралы, анан жакындарына: үй-бүлөсүнүн жок болушуна биз күбө болгон жокпуз жана биз чындап чындыкты айтып жатабыз дейли.» (Немл Сүрөсү, 49)**

Пайгамбарларга каршы чыккан мушрик коомдор өтө адепсиздик менен аларды дайыма «Аллах жөнүндө калпты ойлоп табуу» менен айыпташкан; бул алардын өздөрүн Аллахка ишенген, динчил адамдар катары көрүшкөнүн көрсөтөт (Шура Сүрөсү, 24). Жер жүзүндө өзүн кудаймын дей турган даражада чектен чыккан Фараондун да ушул сыяктуу бир жалаа жапканы аятта төмөнкүчө айтылат:

**Фараон мындай деди: «Койо бергиле мени, Мусаны өлтүрөйүн да ал (барып) Раббисине жалбарып-жалынсын. Себеби мен (анын) силердин диниңерди өзгөртүшүнөн же жер жүзүндө бузукулук чыгарышынан коркуп жатам.» (Момун Сүрөсү, 26)**

Бул бизге адамдардын диндин аты жана көрүнүшү менен чыгып, бирок динге эч байланышы жок бир катар туура эмес көз-караште болушу жана иш-аракет жасашы мүмкүн экенин көрсөтүүдө. Романтизм да дин менен эч байланышы жок туруп, диндин бир бөлүгүндөй кабыл алынган ушундай адашуучулуктардын бири.

Дин менен романтизмдин бир-бирине кантип аралаштырылганын түшүнүү үчүн **диндин негизи болгон «ыклас» түшүнүгүн** жакшы түшүнүү керек. Ыклас – бул бир иштин бир гана Аллахтын ыраазылыгы үчүн жасалышы. Бир иш ыкластуу (түз ниетте) жасалса гана ибадат болот жана Аллах Кабатында бааланат. Мисалы, намаз кылуу, орозо тутуу, зекет берүү, Аллах жолунда аракет кылуу жана

бүт башка ибадаттар Аллахтын ыраазылыгына жетүү максатында жасалса гана ибадат болот. Аллах Куранда **«Мына ушул намаз кылгандардын абалы кандай жаман. Алар намаздарында жаңылыштыкта. Алар эл көзүнө (намаз) кылышууда»** (Маун Сүрөсү, 1-6) деп Аллах ыраазылыгы үчүн кылынбаган ибадаттын жараксыз болоорун кабар берген.

Романтизмдин динди бурмалашы ушундай жол менен болот. Динди Аллахтын ыраазылыгынан башка бир максатка бурат: **адамдарга ибадаттарды Аллахтын ыраазылыгы үчүн эмес, өзүнүн сезимдик муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жасатат.**

Романтизм ушул кичинекей, бирок өтө маанилүү айырманы жок кылып, адамдарды толугу менен туура эмес бир дин түшүнүгүнө түртөт. Мунун табигый бир натыйжасы – бул мистицизм. Ыклас жоголгондо жана дин (Аллахтын динин аруулайбыз) бир «психологиялык жеңилдөө» инструменти катары көрүлүп баштаганда, адамдарды мындай психологияга көбүрөөк түртө турган мистикалык факторлор ишке киришет.

Романтикалык дин түшүнүгү менен Куранда Аллах бизге үйрөткөн жана Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын жашоосунда эң сонун өрнөгү көрүлгөн чыныгы динди салыштырганда, айырма айдан ачык болуп калат:

1. Куранда Аллах адамга акылыңды колдон, ойлон, Менин жараткандарымды изилде жана ошол акыл аркылуу ыйман кыл (ишен) деп буйруйт. Ал эми **романтикалык дин түшүнүгүндө болсо акыл четке чыгарылат. Адамдар ойлонууга эмес, ойлонбоого түртүлөт.**

2. **Романтикалык дин түшүнүктөрүнүн көпчүлүгүндө адамдын өзүнө зулумдук кылып, кыйнашы кадыресе көрүнүш катары кабыл алынат.** Мисалы, өздөрүн крестке таңуу аркылуу Аз. Исага жакындадым деп ойлогон христиандар бар. Буддизм сыяктуу алыскы чыгыш диндеринде ач калуу, ыңгайсыз жерде уктоо сыяктуу «өзүнө зулумдук» мисалдары ыйык көрүлөт. Ал эми Куранда болсо адамдын өзүн кыйнашы сыяктуу бир түшүнүк такыр жок. Бир аятта айтылган **«күмөнсүз, Аллах адамдарга эч кандай зулумдук кылбайт. Бирок адамдар өз напсилерине (өздөрүнө) зулумдук кылышат»** өкүмү (Йунус Сүрөсү, 44) романтизмдин мындай туура эмес түшүнүгүн эң сонун баяндаган.

Кыскасы, романтикалык дин түшүнүгү – бул адамдардын напсисинде бар болгон ойлонбоо, чындыктардан качуу, адамдарды идолдоштуруу, ностальгия, өзүн-өзү басмырлоо жана өзүн-өзү кыйноо сыяктуу каалоолорду канааттандыруу жана чыныгы динге толугу менен карама-каршы көптөгөн ишенимдерди жана иш-аракеттерди камтыган негизсиз, ойдон чыгарылган бир система.

Адамдар Аллахтын алардан эмне каалаганын окуп, үйрөнүп турмушка ашыруунун ордуна, аталарынан аларга мурас калган көз-караш калыптарын жана иш-аракеттерди улантышат. Айланасындагы шарттарды акылы менен анализдеп, ошого жараша иш-аракет кылуунун ордуна адат-салттардагы эрежелерди жана түшүнүктөрдү ошол бойдон сакташат. Бул болсо Аллах Куранда абдан катуу эскерткен бир адашуучулук. Куранда бул жөнүндө өтө көп аяттар бар; алардын бир канчасы төмөнкүдөй:

**Аларга: «Аллахтын түшүргөнүнө жана элчиге келгиле» деп айтылганда, «аталарыбыздын жүргөн жолу бизге жетет» дешет. (Бирок) Аталары эч нерсе билбеген жана хидаятка жетпеген (туура жолго түшпөгөн) болушсачы? (Маида Сүрөсү, 104)**

**Алар «жаман бир уятсыздык» кылышканда: «Биз аталарыбызды ушул жолдо көрдүк. Аллах муну бизге буйрук кылды» дешет. Айткын: «Күмөнсүз, Аллах «жаман уятсыздыктарга» буйрубайт. Аллах жөнүндө билбеген бир нерсеңерди айтып жатасыңарбы?» (Аьраф Сүрөсү, 28)**

**Аларга «Аллахтын түшүргөндөрүнө моюн сунгула» деп айтылганда, «жок, биз аталарыбыздын жолунан жүрөбүз» дешет. Эгер шайтан аларды алоолоп күйгөн оттун азабына чакырса дагыбы (ошол жолго түшүшөбү)? (Локман Сүрөсү, 21)**

## Жыйынтык

Бир адам Аллах каалагандай чын ыкластуу бир ыйманга жетүү үчүн романтизм саздагынан кутулушу шарт. **«Күмөнсүз, Аллах акыйкаттын дал өзү...»** (Хаж Сүрөсү, 62) аятында айтылгандай, Аллах чындыктын дал өзү жана муну түшүнө алуу үчүн «реалдуу, чындыкчыл» болуу керек. Романтизмге кабылган адамдар болсо же романтикалык улутчулдук, коммунизм сыяктуу жолдон адашкан идеологиялардан таасирленишет, же динди романтикалык бир көз-караш менен чечмелеп акылдан жана ыкластан алысташат же болбосо китептин кийинки бөлүмдөрүндө карала турган романтикалык сүйүү түшүнүгүнүн таасирине киришет.

Дин менен жашап башташса да, романтизмден келип чыккан туруксуз маанай себебинен, бул багытта чечкиндүү жана туруктуу боло алышпайт. Романтикалык кээ бир факторлордон улам дин менен жашап баштаган, бирок кыска убакыттан соң андан баш тартып, кайрадан динсиз жашоого кайткан толтура адамдар бар.

Бирок Аллах адамга мындай буйрук берет:

**(Аллах) Асмандардын, жердин жана ал экөөнүн арасындагылардын Рабби; демек, Ага ибадат кыл жана Ага ибадатта чечкиндүү бол. Анын теңдеши болгон бирөө барбы? (Мариям Сүрөсү, 65)**

# ЫЙМАН НАТЫЙЖАСЫНДА КЕЛГЕН ЧЫНЫГЫ АКЫЛ

**... Силерге Аллахтан бир нур жана апачык бир Китеп келди. Аллах ыраазылыгын көздөгөндөрдү аны менен кутулуу жолдоруна салат жана аларды Өз уруксаты менен караңгылыктардан нурга чыгарат. Аларды туптуура жолго багыттап-жеткирет. (Маида Сүрөсү, 15-16)**

**К**итептин мындан кийинки бөлүгүндө романтизмдин күнүмдүк жашоодогу таасирлерин карайбыз. Бирок буга чейин көп айтылган «акыл» түшүнүгүнүн чыныгы маанисин да тереңирээк кароо керек.

Акыл деген сөз эл арасында көбүнчө мээ түшүнүгүн айтуу үчүн колдонулат. Ошондуктан акылдуу бир адам менен мээлүү бир адам арасындагы маанилүү айырмачылыктарга да көбүнчө көп маани берилбейт. Бирок бул өтө маанилүү бир жаңылыштык. Акыл менен мээ чындыгында бир-биринен айырмалуу өзгөчөлүктөр.

Акыл ыймандуу адамдын Аллах жараткан окуялардагы терең сырларды көрүп, окуяларды ошого жараша баалашына шарт түзөт. Мээге гана таянган бир көз-караш болсо окуяларды жөнөкөй себеп-натыйжа байланыштарынын негизинде, механикалык жана тар түшүнүүгө жол ачат. Акыл мээден өйдө турган бир артыкчылык, жана Аллахка жана Куранга анык илим менен ишенген, Куран аяттарынын негизинде өмүр сүргөн ыймандууларга тиешелүү бир жөндөм. Мээ бүт адамдарда ар кандай даражада кездешчү орток физикалык өзгөчөлүк. Ал эми акыл болсо ыймандууларда гана болот. Ыйман кылбагандарда акылдан сөз кылуу мүмкүн эмес.

Акыл мээни, анализди жана логиканы да эң туура жана кемчиликсиз колдонуп, бул жөндөмдөрдөн максимум пайдаланууга шарт түзөт. Акылсыз бир адам болсо канчалык мээлүү болсо да, акылы жетпегени үчүн сөзсүз белгилүү бир жерде туура эмес логикага бурулуп, туура эмес жыйынтык чыгарат. Дүйнө тарыхында ыйман кылбаган философтор менен ойчулдарды караганыбызда, баарынын бир эле темаларда ар кандай, ал тургай, кээде толугу менен карама-каршы пикирлерди жактаганын көрөбүз. Алардын баары өтө мээлүү адамдар болгону менен, ыйманы жана натыйжада акылы болбогону үчүн тууралары таба алышкан эмес. Ал тургай, көпчүлүгү адамзатты сансыз балээлердин ичине сүйрөгөн. Жакынкы тарыхтан мисал келтирсек, Маркс, Энгельс, Ленин, Троцкий сыяктуу көптөгөн философ, идеолог жана мамлекеттик кызматкерлер мээлүү адамдар болгону менен, акылдары жетпегени үчүн миллиондогон адамдын азабына себеп болушкан. Ал эми акыл болсо адамдардын азабын эмес, тынчтыгын, бейпилдигин жана бактысын көздөп, аларга жетүүнүн жолдорун жана ыкмаларын көрсөтөт.

Адам ойлонуу, кабылдоо, көңүл коюу, иш-аракет жасоо сыяктуу көп нерселерди мээси аркылуу жасайт. Ал эми акылдуу адам болсо мээ менен жетүү мүмкүн болбогон терең түшүнүккө, туурулар менен туура эместерди айырмалоо жөндөмүнө жетишет. Ошондуктан акыл адамга мээден өтө жогору бир артыкчылык берет.

Акылдын булагы болсо, жогоруда айтылгандай, чыныгы ыйман жана Аллахтан коркуу. Аллахтан корккон, Анын буйруктары менен тыюуларына моюн сунган, насааттарын уккан бир адам табигый түрдө бул артыкчылыкка –Аллахтын бир жакшылыгы катары- ээ болот.

Бирок бул жөндөмгө жетүү ушунчалык оңой болгону менен, адамдардын өтө азы гана акылдуу болушат. Аллах Куранда **«... алардын көпчүлүгүнүн акылы жетпейт.»** (Маида Сүрөсү, 103) аяты аркылуу кабар берген бул чындык адамдардын көпчүлүгүнүн чыныгы ыймандуу болбошунан, Курандан алыс өмүр сүрүшүнөн келип чыгат.

Аллах Өзүнөн корккон жана чын ниети менен Куранды ээрчиген кишилерге насип кылган акыл ыймандуу, чын ыкластуу момундарды дайыма жогору кылат. Ошондой эле, ыймандуу бир адамдын бүт нерсени дайыма Аллахтын жаратаарын билиши, эң майда-чүйдөсүнө чейин бүт нерсенин Аллах аныктаган тагдырдын негизинде ишке ашаарын жана дайыма Аллах менен бирге экенин билиши акылдын негизин түзгөн элементтер болот. Мындан тышкары, акыл адамдын артыкчылыктарынын өзгөргөн шарттарга жана чөйрөгө эң жакшы ыңгайланышына да шарт түзөт.

Ыймандуунун баап-парасатынын курчтугу, ойун дайыма топтоп жүрүшү, маселелерди анализдөө жана чечүү жөндөмүнүн жогорулугу, сонун адеп-ахлагы, сөздөрүндөгү жана кыймыл-аракеттериндеги даанышмандык, күчтүү мүнөзү, баары – акылдуулуктун табигый натыйжалары. (Тереңирээк маалымат үчүн караңыз. *Kuran'a Göre Gerçek Akıl (Куран боюнча чыныгы акыл),* Harun Yahya)

Биз сүрөттөгөн бул өрнөк модельдин, бул жогору касиеттердин бир кишиге тиешелүү эмес, коомдун жалпы мүнөзүнө айланганын бир элестетиңиз: бүт адамдар акылмандык кылып, ар бир сөзүндө, ар бир кыймыл-аракетинде, алган ар бир чечиминде, көргөн ар бир чарасында акылдын артыкчылыктарынын көпчүлүк тарабынан колдонулганын... Акылдуу адамдардан турган бир элдин жараткан маанайын... Албетте, бүт адамдар эңсеген бейпилдик, коопсуздук, тынчтык үчүн акылдуу адамдарга муктаждык бар. Ошондой эле, адамдарды бездирген хаостун, ызы-чуунун жана анархиянын алдын алуу жана буларды тамырынан чечүү үчүн да акылдуу адамдар болушу зарыл. Андыктан ар кандай маселенин ачкычы болгон акылга муктаждык өтө зор.

Албетте, акыл бир адамдын эң негизги өзгөчөлүктөрүнөн болуп саналат. Акылдуу адам өзүнөн да айланасындагыларга алда канча көп пайда келтирет. Себеби ыймандан келип чыккан адеп-ахлакта Аллахтын ыраазылыгына жетүүдөн башка эч кандай ой, максат же идеал болбойт. Мындай адам Куранда сүрөттөлгөн момун (ыймандуу) өзгөчөлүктөрүн толук орундатат жана кыйналгандарга жардам берүү, жолдо калгандарга, кароосуздарга, жардамга муктаждарга көмөк көрсөтүү, адилеттүүлүктүн толук орундалышы, эч кимдин ач калтырылбашы сыяктуу бүт нерселерди өзүнүн мойнундагы бир жоопкерчилик сезет. Курандан үйрөнгөн бул нерселерди, абийирдик жоопкерчиликтерин акылын колдонуп толук орундатат. Маселелерди чечүү, даанышман сүйлөө жана жазуу, чара көрүү, ишке ашыруу, жол көрсөтүү сыяктуу көп темада сөзсүз түрдө бүт адамдар акылдуу кишини издейт. Себеби андай кишинин ар бир кыймыл-аракетинен, ар бир сөзүнөн, ар бир пикиринен пайдаланылат.

Акылдын ушунчалык керек экенин көргөн соң, акылсыздыктын канчалык маанилүү бир коркунуч экенин түшүнүү эч кыйынга турбайт. Адамдын өзү үчүн да, жалпы коом үчүн да акылсыздык себеп болгон жагдайларды, ал алып келген балээлерди карап чыгуу мунун маанилүүлүгүн түшүнүү жагынан пайдалуу болот.

Акылдын алдындагы эң негизги тоскоолдуктардын бири болсо, китептин мурдакы бөлүмдөрүндө саясий жана коомдук таасирлери каралган, руханий бир бузуктук: романтизм же башка бир аты менен айтканда сезимталдык.

## КҮНҮМДҮК ЖАШООДО СЕЗИМТАЛДЫК ДЕГЕН ЭМНЕ?

Сезимталдыкка «адамдын акылы жана логикасы талап кылган тууралаларга карап эмес, сезимдеринин башкаруусуна карап иш-аракет кылышы» деп аныктама бергенбиз. Сезимталдык негизи ар бир адамда ар кандай даражада болгону менен, динден алыс жашаган элдердин бүт жарандарында кездешчү руханий бир илдет. Курандан алыс, дин менен жашабаган бир адам өзүн романтизмден эч качан толук куткара албайт. Себеби сезимталдык адам акылы менен, б.а. Куран менен жүргөндө гана жоголот. Куранды ээрчибеген бир адам болсо, жогоруда айтылгандай, акыл жүгүртө албайт.

Сезимталдык караңгы коомдордо толук кадыресе көрүнүш, «жакшы адам» болуунун критерийи катары кабыл алынган, ошондуктан кээ бирлер аны менен мактанган маанилүү бир руханий бузуктук. Бирок көпчүлүктүн көз-карашында сезимталдык ушунчалык оң нерседей калыптанып калгандыктан, ыйлабаган бир адамга бат эле жүрөксүз, сезимсиз бир адам сыпатын жаап коюшат.

Сезимталдык чындап эле ушунчалык зыянсыз бир касиетпи? Бул суроонун жообун реалдуу бир көз менен карасак, сезимталдыктын өтө маанилүү натыйжалары бар экенин көрөбүз. Мурдакы бөлүмдөрдө мунун коомдогу натыйжаларын апачык көрдүк. Бирок сезимталдыктын күнүмдүк жашоодо да өтө зыяндуу натыйжалары бар. Сезимталдык адамдардын арызданып, чечүү жолун издеген көп темаларда алсыз калышынын негизги себептеринен.

Бирок айтылган көйгөйлөрдүн баарын чечүүнүн, кыйынчылыктардан кутулуунун жолдору Куранда бар болгондуктан, Куранды жол башчы туткан кишилер же коомдор акылдын артыкчылыктарына ээ болушат, башкача айтканда, акылдын жеңилдиктеринен пайдаланышат:

**... Силерге Аллахтан бир нур жана апачык бир Китеп келди. Аллах ыраазылыгын көздөгөндөрдү аны менен кутулуу жолдоруна салат жана аларды Өз уруксаты менен караңгылыктардан нурга чыгарат. Аларды туптуура жолго багыттап-жеткирет. (Маида Сүрөсү, 15-16)**

Бала кезибизден бери ыйлаган адамдар же гезитте окуган бир адилетсиздикке, телевизордо көргөн ач адамдарга ыйлагандар, алардын шарттарына кайгырдым дегендер жөнүндө дайыма булар сезимтал жана натыйжада абийирлүү адамдар деп сөз болгонун угуп келгенбиз. Бирок сезимтал кишилердин чындап алектенип, аракет кылбастан, көз жашын төгүп, арызданып коюу менен тим болгон мындай мамилеси эч кандай пайда алып келбейт жана маселени чечпейт. Ансыз да мындай адамдар абалынан ыйлаган адамдардын маселелерин чечкенге караганда аларга кайгыруудан ырахат алышат; сезимталдыктын караңгылыгын жашоо напсилерине көбүрөөк жагат. Пессимизм, үмүтсүздүк, кайгы, депрессия сыяктуу тозокко тиешелүү мүнөздөрдүн бул дүйнөдө шайтан сезимталдык аркылуу жолдон адаштырган кишилерге жагымдуу сезилиши да өтө кызык.

Мындан тышкары, мунун дагы бир маанилүү тарабы бар: телевизордун маңдайына отуруп алып эч нерсе кылбай көз жашын төккөн мындай адамдарга бир нерсе кылгыла, бош турбагыла деп сунушталса да, эч нерсе өзгөрбөйт. Анда «менин кылганымдан эмне өзгөрөт?», «мен өзүм жалгыз эмне кыла алмак элем?» деген сыяктуу шылтоолор менен мындан кутулууга аракет кылышат.

Сезимтал адамдар айланасында терс маанайды пайда кылып, окуяларды татаал жана чечилгис көрсөтүп, өздөрү сыяктуу айланасындагы адамдарды да пессимизмге жана үмүтсүздүккө түртүшөт.

Көптөгөн сонун кулк-мүнөздөр сезимталдык ичине киргенде сонундугун жоготот, ал тургай, өтө кооптуу болуп калат. Мисалы, боорукердик Аллах Куранда үндөгөн сонун кулк-мүнөз болгону менен, сезимтал бир адам тарабынан боорукердик заалым бир адамга боор ооруу, ал кишинин кылгандарына толеранттуулук кылуу, зулумдугуна ыраазылык көрсөтүү сыяктуу туура эмес формада жасалышы мүмкүн. Бул жагынан караганда акылдуу бир адам сезимтал сөздөрдү, мамилени жана логиканы эч макул көрбөйт. Себеби мындай көз-караш шарттарга жараша өтө олуттуу сезимтал иштерге да алпарышы мүмкүн.

Бирок бул жерде сезгич болуу менен сезимтал болуунун арасындагы айырманы да айта кетүү керек. «Сезгич, жумшак болуу» Аллах Куранда пайгамбар өзгөчөлүгү катары билдирген жогорку касиет болсо, сезимталдык Куранда сүрөттөлгөн кулк-мүнөзгө толук карама-каршы келет. Ыймандуулар сезимтал болушпайт; бирок сезгич жана адамгерчиликтүү болушат. Башкача айтканда, бир тараптан акылман, токтоо болсо, экинчи тараптан адамгерчилиги да өтө күчтүү болот. Чындыгында эле бул сыпаттардын чогуу бир адамда болушу абдан жакшы болот. Аллах Куранда Ибрахим пайгамбардын мындай сонун мүнөзүн **«Чындыгында Ибрахим жумшак мүнөздүү, сылык жана чын көңүлдөн (Аллахка) бурулган инсан эле.»** (Худ Сүрөсү, 75) аяты аркылуу кабар берет.

Муну унутпаш керек: сезимтал адамдар бир адамга бир гана боор ооруйт, аны кыйынчылыктан куткаруу, маселелерин чечүү үчүн эч аракет кылбайт. Ал эми Аллах буйругандай сезгич бир адам боор ооруган кишилерге жардам берүү үчүн колунан келгенин жасап, маселелерди чечип, адамдарды кыйынчылыктан куткаруу үчүн керектүү чараларды да көрөт. Чыныгы боорукердик жана сүйүү ушундай болот.

# СЕЗИМТАЛДЫК АКЫЛДЫ КАНТИП ТОСОТ?

Албетте, ар бир адам сүйүү, боорукердик, мээрим, коркуу сыяктуу сезимдер менен бирге жаратылган. Бул сезимдерге ээ болуу адамдык бир касиет. Биз бул жерде басым жасагыбыз келген жагдай болсо мындай: бир адам токтоо, тең салмактуу болушу үчүн бул сезимдерин ыйманы жана акылы менен башкарышы керек. Мисалы, сүйүү адамга эң биринчиден аны жоктон бар кылган, ага эсепсиз ырыскы жана жакшылыктарды берген жана ага чексиз бактылуу жашоону убада кылган Аллахты сүйүү үчүн берилген. Андан соң Аллахты сүйгөн жана Аллах да аларды сүйгөн адамдарга, б.а. ыймандууларга багытталышы керек сүйүү. Адамдарга болгон сүйүүдө критерий кишинин Аллахка болгон жакындыгы, Аллах койгон чектерден чыкпоо аракети, Аллах коркуусу, б.а. такыбалыгы болот. Бул сүйүүлөрдүн баары кайра эле Аллах үчүн жана Аллахтын чагылууларына (көрүнүштөрүнө) болгон

сүйүүлөр болот. Аллахка жана динге душмандык сезгендерди тымызын сүйүү Куранда ыймандууларга арам кылынган, б.а. тыюу салынган.

Ошол сыяктуу, Аллах ыймандууларга Менден гана корккула, башка эч кимден жана эч нерседен коркпогула деп буйруган. Себеби бүт адамдарды жана бүт нерселерди Аллах башкарып турат, Аллахтан башка эч кандай күч-кудурет жок, ошондуктан корко турган башка эч ким жок.

Дагы бир мисал катары ачуулануу сезимин берсек болот. Ачуулануу – адамдарга карата жасалган адилетсиздиктерге, Аллахка жана динге болгон душмандыктарга, зулумдуктарга карата ыймандуулардын жоопкерчилик жана патриоттуулук сезимдерин ойготкон бир сезим. Бирок ыймандуунун патриоттуулук сезимдеринин ойгонушу дайыма акылмандык, токтоолук негизинде болот. Эч качан ыймандуу адамды адилеттиктен жана мээримден алыстатпайт. Ыймандуу киши ачуусуна алдырып, адилетсиздикке адилетсиздик, зулумдукка зулумдук менен жооп бербейт, адилетсиздикке барбайт. Мындай кылууга Куранда тыюу салынган.

Сезимдерин уккан адам болсо кээде өз кызыкчылыгына зыян келтире турган майда-чүйдө бир темада да катуу ачууланып кетиши мүмкүн. Окуялар ал каалагандай жүрбөгөндө, бир адам ал каалаган бир нерсени жасабаганда, бир заматта ачууланып кетет. Ачуусунан улам эч күтүүсүз жерден ой жүгүртүүсү толук токтоп, ойлонбогон иштерди жасап салышы мүмкүн.

Көрүнүп тургандай, **адам Аллах анда жараткан сезимдерди Аллахтын ыраазылыгына карата багытташы керек.** Б.а. Аллах ыраазы болбой турган бир сүйүү түшүнүгүн, бир коркууну же ачууланууну өзүндө кармабашы керек. Антпесе, Аллах көрсөткөн эмес, сезимдери көрсөткөн жолго түшкөн болот. Бул болсо ширк, б.а. Аллахка шерик кошуу.

Адамда табиятынан бар болгон мындай сезимдер акылдын башкаруусунан чыкканда, сезимталдык деген илдет башталат. Ал адамдын мамилелерин, сөздөрүн, кыймыл-аракеттерин, ойлорун, окуяларга карата мамилелерин сезимдери башкарып баштайт. Ал адам эми акылынын башкаруусунан чыгып, сезимдеринин башкаруусуна кирген болот. Мындай адамдын сезимдери акылынын алдына тосмо коюп, акылын тосуп салат.

Эч бир Курандын өкүмүн карабай, сүйгөн адамына өлөөрчө ашык болгон бир кишинин же башчысынан, күйөөсүнөн, кайсы бир адамдан катуу корккон бир адамдын, же ачуудан өзүн жоготкон бир адамдын, албетте, андай маанайда акылдуу иш-аракеттерди жасашын күтүүгө болбойт. Себеби мындай кишилер эч чегин билбеген сезимдеринин туткунуна айланып, натыйжада акылдары жабылып калган.

Сезимталдык адамды чындыктардан алыстатат. Сезимтал адамдардын эң белгилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул реалдуу эмес бир дүйнөдө жашоону каалашы. Мындай маанайдагы адам кыялдарынын ааламында жашап жаткандай болот. Реалдуу дүйнө менен болгон байланышы өтө алсыз болот. Акыл менен логиканын ордун сезимдер, чындыктардын ордун болсо кыял жана элестер ээлейт. Бул жагынан алганда сезимтал бир адамга жетүү, б.а. ал адам менен диалог түзө алуу, андан кеңеш алуу, ага кеңеш берүү көп мүмкүн болбойт. **Негизи сезимталдык – психиатрия тилинде «шизофрения» деп аталган акыл оорусунун жеңил бир формасы.** (Жогоруда да айтылгандай, шизофрения оорулуулары чындыктардан толук алыстап, өздөрүнүн кыял дүйнөсүндө жашашат.)

Сезимтал кишилердин абалын телевизордон кино көрүп жаткан бир адамдын ыйлашына окшотууга болот: ал адам чындыктардан ушунчалык алыстагандыктан, ал тасмада ойногон ролунан акча

алган, ал тургай, чыныгы жашоодо балким ар кандай жаман мүнөздөрү бар бир адамдын тасмадагы ролунан улам кыйналганы үчүн ага кайгырып, ал тургай, ал адам үчүн ыйлайт. Акылдуу бир адам эч түшпөй турган мындай абал сезимталдыктын адамды чындыктардан канчалык алыстатаарын, канчалык логикасыз нерселерге түртөөрүн апачык көрсөтүүдө. Мына ушундай туура эмес түшүнүк күнүмдүк жашоодогу окуяларга да чагылат.

Сезимтал адамдардын көбүнчө кол куушуруп отурган, ыйлап эле тим болгон, арыздана берген, бирок ал арызданыуулары сөз жүзүндө гана калган кишилер экенин көрөбүз. Мисалы, бир жакынынын кырсыкка кабылганы жөнүндө кабар келгенде, мында сөзсүз бир жакшылык бар деп ойлоп, анан кантип жардам берүүнү ойлонуунун ордуна, сезимтал адам көбүнчө ыйлап баштайт жана эс-учун жоготконго чейин барат. Ден-соолугу жөнүндө керектүү чаралар көрүлүптүрбү, доктор, дары-дармектер жетиштүүбү деген сыяктуу акылдуу суроолорду берип, колунан эмне жардам келээрин сураштын ордуна, өзү да жардамга муктаж абалга түшөт.

Же жанында бирөө күтүүсүз өзүн жаман сезип баштаса, ал кишиге биринчи жардам көрсөтүп тез жардам чакыруунун ордуна, паникага түшүп, ыйлактап, акылсыз абалга түшөт. Болуп өткөндөрдү айтып берүүсү суралса, окуяна да айтып бере албайт, кыскасы, сезимталдык аны акылын колдоно албай турган абалга салгандыктан, ал киши менен эч байланыш түзүү мүмкүн болбой калат.

Же өзүнүн бир жери ооруп жатса, докторго барганда олуттуу бир оору диагнозун койот, андан коркуп кайгырам деп ойлоп, оорунун белгилерине көңүл бурбай койот. Акылын колдонуп чара көрбөй коюп, оорусун дарылоо мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калышы мүмкүн.

Дагы көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот. Сезимтал кишилердин мындай акылсыз иш-аракеттери, чындыктан алыс логикалары өтө маанилүү натыйжаларга да себеп болушу мүмкүн. Натыйжада мындай кишилер шайтандын да таасири менен айланасында болгон, терстей көрүнгөн окуялардан ушунчалык катуу таасирленип, аларга да жардам берүү керек болуп калат. Бирок колдорунда бир аз акылын колдонуп, акылдуу чечимдерди алып маселелерди чечүү мүмкүнчүлүктөрү турган болот.

Көрүнүп тургандай, сезимтал адамдар акыл жүгүртүп маселелерди чечкен, адамдарга багыт берген эмес, адамдарга жүк болгон кишилер болушат. Натыйжада мындай кишилер акылын колдоно албаган, өз ичинде бактысыз, бейпилсиз, айланасына проблема чыгарган, жүк кишилер болушат. Мисалы, сезимтал бир киши жанында жардамга муктаж бирөө болгондо, ал кишиге жардам берүүнүн ордуна, ыйлактап «ай ай ай, байкуш» сыяктуу боор ооруган сөздөрдү айтып тим болушат. Мындайда акыл толугу менен экинчи планда калат. Ошондуктан мындай түшүнүктөгү бир кишиден чыныгы мааниде бир пайда күтүү туура эмес болот.

Аллах Куранда мындай адамдар менен ыймандуулардын айырмасын төмөнкүдөй баяндайт:

**Аллах мындай мисал келтирди: эки киши; алардын бирөө тилсиз, эч нерсеге күчү жетпейт жана дайыма кожоюнунун үстүндө (бир жүк), ал аны кайсы тарапка жөнөтпөсүн эч жакшылык алып келбейт; эми ушул адилеттик менен буйрук кылган жана туптуура жолдогу (киши) менен бирдей болушу мүмкүнбү? (Нахл Сүрөсү, 76)**

Ыймандуулар окуяларга сезимтал эмес, акылдуу баа беришет жана ар кандай жагдайда, жогорудагы аятта айтылгандай, «адилеттик менен буйрук берет», б.а. тууранын жасалышына шарт

түзүшөт. Башына келген бүт окуялардын Аллахтын буйругу менен болгонун билгендиктен жана Аллах алар үчүн каалагандан башка эч нерсеге күчү жетпешин түшүнгөндүктөн, дайыма бейпил жана токтоо болушат. Күтүүсүз бир иш-аракет кылышпайт, эч үмүтсүздүккө жана пессимисттик маанайга түшүшпөйт. Терстей көрүнгөн окуяларды да Аллахтын алар үчүн бир жакшылык каалап жаратканын билишет.

Сезимталдыктын дагы бир коркунучтуу тарабы болсо, бирөө ал кишиге мындай маанайынын туура эместигин айтууну кааласа, аны эч кабыл албайт, ал тургай, мындай ыктымалдыкты угууну да эч каалабайт. Сезимтал адам сырттан келген ар кандай пикирге ушунчалык жабык болгондуктан, ошол замат адилетсиздикке кабылдым деген сезим менен же кайгырып ыйлап баштайт, же болбосо таарынып эч кимге сүйлөбөй койот. Ошондуктан сезимтал бир адамга сын-пикир айтуу мындай турсун, бир нерсени эстетүү, бир кеңеш айтуу да мүмкүн болбойт.

Сезимталдык адамдарды кыйкымчыл, таарынчаак кылып койот. Натыйжада мындай кишилер ар бир айтылган сөздүн түбүндө башка бир ой бар деп ойлоп, ичтеринен такыр башкача жыйынтыктарды чыгарып алышат. Ошондой эле, эч себебин айтпай, көпкө чейин сүйлөбөй коюу, карабай коюу, саламдашпай коюу сыяктуу жаш балача протест ыкмаларын колдонушат. Мындан тышкары, чындыкчыл ойлоно албагандыктан же чындыктарды көрүүдөн тартынгандыктан, өзүн-өзү сындап, өзүн оңдой алышпайт. Жогоруда айтылгандай, мындай түшүнүктөгү кишилер аларга айтылган ар бир сөздү же аларга жасалган бир адилетсиздиктей көрүшөт, же болбосо, үмүтсүздүккө түшүп өздөрүнө чоң бир азапка айландырышат. Аллах өздөрүнө бактысыздыкты тандаган мындай кишилер жөнүндө бир аятта төмөнкүчө сөз кылат:

**Аллахтан «ичи титиреп корккон» сабак алып, ойлонот. Бактысыз болсо андан качат. (Аъла Сүрөсү, 10-11)**

Жыйынтыгында, акылдарын колдонбогону үчүн сезимдерине башкарылып калган жана ушул себептен күндөн күнгө акылдары ан сайын жабылган адамдар мындай түшүнүгүнөн тазаланмайынча, динди түшүнүп, дин менен жашашы мүмкүн болбойт. Себеби Пайгамбар Мырзабыз (сав) да айткандай, **«акылы жоктун дини жок.»** Сезимтал, акылсыз бир адам туура ой жүгүртүп, логикасын туура иштете албайт. Ыймандуу үчүн апачык болгон бир темада карама-каршылыктарга, санааларга түшөт. Күмөндөр менен алышат. Акылдары таза адамдар үчүн бир насаат болгон Куранды түшүнө албайт, андан насаат ала албайт, Аллахтын кудуретин жакшылап түшүнө албайт, өзүнүн, айланасында, ааламда болуп жаткан окуялардын жаратылуу сырларын, дүйнөнүн, бейиштин, тозоктун жаратылуу себептерин түшүнө албайт. «Аллахтан башка кудай жок» деген сөздүн маанисин аңдай албайт. Мындай аңкоо бир адамдын ар бир пикири, ар бир ою, ар бир максаты, ар бир ниети, ар бир кыймыл-аракети аны бир ширктен экинчи бир ширкке айдайт.

Бул шайтандын адамдарды Аллахтын жолунан адаштыруу ыкмаларынын бири. Куранда шайтандын адамдарды тозокко түртүү үчүн ар кандай ыкмаларды колдоноору төмөнкүчө кабар берилген:

**Аллах аны каргады. Ал болсо (мындай) деди: «Ант болсун, кулдарыңдан «саны белгилүү бир топту» (өзүмө куйрук) кылып алам. Аларды –кандай гана болбосун- жаңылтып-адаштырам, эч болбогон куру ойлорго салам жана аларга сөзсүз малдардын кулактарын кесүүнү буйруйм жана Аллахтын жараткандарын өзгөртүүнү буйруйм.» Ким Аллахты коюп, шайтанды дос кылса, албетте, ал апачык кыйроого туш болот. (Шайтан) Аларга убадалар берет, аларды болор-болбос куру кыялдарга салат. Чынында болсо шайтан аларга бир алдануудан башка эч нерсе убада кылбайт. (Ниса Сүрөсү, 118-120)**

Аллахтын бул аяттарын билип, шайтандын азгырыктарынан жүз бурган, натыйжада сезимдеринин таасирине алдырбастан акылын колдонгон бир адам чындыктарды тунук, даана көрөт, ошого жараша иш-аракет кылат. Сезимтал жана акылы тосулган бир адамга ичинен чыга алгыс, өтө татаал, парадоксалдуу, жоопсуздай көрүнгөн нерселер акылдуу бир ыймандуу үчүн өтө оңой, ачык, так жана жөнөкөй болот. Сезимталдыкка алдырган кишилер акылдарын бир четке таштап, өздөрүн шайтандын сыйкырына жана эркине тапшырып, караңгылык жана саздактын ичинде түбөлүк азаптарын көздөй айдалууну улантышат.

# РОМАНТИЗМДИН ТҮРЛӨРҮ

**Ант болсун, Биз адамга тарабыбыздан бир мээрим таттырып, анан аны андан алып койсок, албетте, ал (эми) үмүтүн үзгөн бир шүгүрсүзгө айланат. Жана ант болсун, ага келген бир кыйынчылыктан соң, ага бир жакшылык берсек, албетте, «жамандыктар менден кетти» дейт. Себеби ал көпкөн мактанчаак. Сабыр кылгандар жана чын ыкластуу иштерди жасагандар башка. Кечирим жана улуу сыйлык мына ушулардыкы. (Худ Сүрөсү, 9-11)**

**А** кылдын тосулуп калышына себеп болгон сезимталдык адамды шайтандын бүт сөздөрүнө кулак сала турган кылып койот. Шайтан сезимталдык куралы менен динден алыс жашаган адамдарды жана элдерди каалагандай башкарып, ар кандай туура эмес жолдорго сала алат. Мунун кээ бир мисалдарын китептин башындагы бөлүмдөрдө карадык, романтикалык улутчулдук, коммунизм сыяктуу идеологиялардын адамдарды жана элдерди сезимталдыкты колдонуп, кантип кыйроого түрткөнүн көрдүк.

Күнүмдүк жашообузда болсо сезимталдык ар кандай формада кездешет. Алдыда сезимталдыктын негизги түрлөрүн карайбыз:

## Кайгыруу жана пессимизм

Адам жакшылыктардан, сулуулуктардан ырахат ала турган, кубаныч, бейпилдикте жашоону каалай турган кылып жаратылган. Бул жагынан караганда бир адамдын башына келген терс нерселерди эң кыска убакытта жоюуну же аларды жакшылыкка, кубанычка айландырууну каалашы эң табигый көрүнүш болот. Албетте, бейпил, тынч болуу, кубанычтуу, бактылуу болуу дене жана руханий жактан чың болуу үчүн өтө маанилүү жагдайлар.

Бирок адамдар Куранга карап эмес, өздөрүнүн критерийлерине, өздөрүнүн каалоолоруна, сезимдерине карап жашаганда ичтерин кайгы, кыйынчылык, коркуу каптайт. Мисалы, Куранда сүрөттөлгөн тобокелдик, тагдыр, өзүн тапшыруу түшүнүгүн билбеген адам эртеңки күндүн өзүнө жана жакындарына эмне алып келээрин билбөөдөн тынчсызданып, дайыма күрөш ичинде болот.

Бирок адам Аллах кулдары үчүн тандап жактырган дин менен жашап, Куран адеп-ахлагында болсо, мындай кыйынчылык, көйгөйлөрдүн эч бирине кабылбайт. Аллах элчилери аркылуу билдирген бул чындыкты аяттарда төмөнкүчө кабар берет:

**...ким Менин туура жолума (хидаятыма) түшсө, эми ал жаңылып-адашпайт жана бактысыз болбойт. Ким Менин зикиримден (Мени эстөөдөн, Курандан) жүз бурса, эми ал кыйналып күн өткөрөт... (Таха Сүрөсү, 123-124)**

Көп адамдар болсо аятта айтылгандай, Аллахтын зикиринен жүз бурганы үчүн бактысыз болуп, кыйналып өмүр сүрөт. Ошондой эле, жашоодо баары кокустан болот деген туура эмес ишенимде жашагандыктан, ага келечекте сонун жыйынтыктар алып келе турган нерселерди да ийгиликсиздик, терстик катары көрүп, аларга да кайгырат. Иштен айдалуу, акчасыз калуу, алданып калуу, ооруп калуу же

мактоо күтүп жатканда шылдыңга туш болуу, ыраазылык, туруктуулук күтүп жатканда туруксуздукка кабылуу сыяктуу коркуулар дайыма мээсин алагды кылат. Качан кайгылуу бир кабар келип калат, качан жагымсыз бир мамилеге туш болуп калам же жагымсыз сөз угам деген коркуу менен пессимисттик маанайга түшөт. Эң бейпил, бактылуу убагында да бул көз ирмемдин бүтүп калаарынан тынчсызданып, коркунучтуу өмүр сүрөт. Бир аятта Аллах Курандан алыстап азаптуу маанайга түшкөн адамдардын абалын төмөнкүдөй сүрөттөйт:

**Аллах кимди хидаятка (туура жолго) жеткиргиси келсе, анын көкүрөгүн Исламга ачат; кимди адаштыргысы келсе, анын көкүрөгүн, асманга көтөрүлүп бараткандай тар жана машакаттуу кылат. Аллах ыйман келтирбегендердин үстүнө мына ушундай жамандыкты түшүрөт. (Энъам Сүрөсү, 125)**

Динден алыс адамдар сүйүү, боорукердик, мээрим, жан аябастык, бир туугандык, кичипейилдүүлүк сыяктуу Курандагы сонун мүнөздөрдү билбеген адамдар менен бирге болушкандыктан, өздөрүн ишенимде, бейпил сезе алышпайт. Эч ким эч кимге эч бир кызыкчылык күтпөстөн жардам бербей турган, кызыкчылыктарга таянган достуктар өкүмчүлүк кылган, адамдык каталар да ачуулануууга себеп болгон, бүт баары бир-биринин акысын жеген, артынан ушактаган, жүрөгүндөгү ойлорун айтпаган, жасалма, азаптуу бир системанын ичинде жашоо сезимтал адамда бактысыздыкка себеп болот.

Бирок бул кишилер өз ойлорунда жакшы бир чөйрөдө болсо да, көп нерсе өзгөрбөйт. Айланаларында сансыз оң, жагымдуу нерселер болсо да, сезимтал кишилер ар дайым алардын терс тараптарын көрүшөт. Абанын ысык же суук болушу, жамгырлуу болушу же шамал болушу, кыскасы ар нерсеге наараазы көз менен карагандыктан, өздөрүнө азап алып келет. Дагы толтура мисалдарды келтирүү мүмкүн болгон мындай наараазылык маанайынын эртеден кечке уланышы Аллахтын **«Демек кылгандарынын жазасы катары аз күлүп, көп ыйлашсын.»** (Тообо Сүрөсү, 82) аятынын бир көрүнүшү. Башка бир аятта Аллах динди тангандардын мындай мамилесин төмөнкүчө билдирет:

**Ага бир жамандык келгенде кайгырып баштайт. (Мeариж Сүрөсү, 20)**

Ыймансыздардын бактысыз болушунун дагы бир себеби болсо – пландарынын алар каалагандай жүрбөшү. Мисалы, сезимтал бир киши жубайын ыраазы кылуу үчүн бир тамак жасайт, жубайынын ал күткөндөй ыраазылык билдирбеши аны капалантат; акча чогултуп курбусуна бир белек алат, жакшы кубанбады деп ойлоп кайра кайгырат; бир үй сатып алып, уста бойогун жакшы кылбаптыр деп да капа болот; кайгы-капалары эч түгөнбөйт. Күйөрмандык кылган футбол командасынын жеңилиши, сынактан күткөнүнөн бир канча балл аз алышы, жумушуна кеч калышы, жолдогу пробка, көз айнегинин сынышы, саатын жоготушу, конокто эң жакшы көргөн кийиминин булганып калышы, баары кайгырышына себеп болот.

Окуяларга үстүртөн баа берген, сезимтал маанайда баалаган бир адам өзүнө байланыштуу же айланасында болуп жаткан окуялардын кийинки этапта өзүнө кандай жакшылыктар алып келиши мүмкүн экенин ойлобойт. Автобуска жетпей калганы үчүн ошол замат кайгырып баштаган бир адам

автобустун бир аздан соң кырсыкка кабылбашын кайдан билет? Балким Аллах ага келе турган кырсыкка жолтоо катары тагдырында автобустан кеч калышын себепчи кылган. Же күн сайын алдынан өтүп, өтө жакшы билген бир өтмө жолду байкабай, туура эмес жолго түшүп алган бир киши окуяларды үстүртөн караса, өзүнө ачууланып, жолун узартып алганы үчүн кайгырат. Бирок аны жолдон адаштырган Аллах, бүт окуялар сыяктуу бул дагы – тагдыр.

Мисалы, өтө жакшы көргөн бир жумушка кире албашы терең ойлонбогон бир адам үчүн чоң ийгиликсиздик жана кайгыруу себеби болот. Мындай түшүнүктөгү киши жумушка кирүү мага сөзсүз абдан жакшы болот деп ойлойт. Кире албашын өтө чоң бир жоготуудай көрөт. Ал эми ыймандуу киши болсо Аллахты досу, таянычы катары көргөндүктөн, Аллах ал үчүн тагдырда белгилеген жыйынтыкты моюн сунуу менен, кубануу менен кабыл алат. Балким ал жумуш шарты анын ден-соолугуна терс таасир бере турган жердир, балким жакшыраак мүмкүнчүлүккө жетүү үчүн бул ишке кирбеши керектир.

Же эрте менен машинасына отурганда, машинасынын иштебегенин көргөн бир адам капылеттик кылса (үстүртөн ойлонсо), муну бир терс нерседей көрөт. Бирок чындыгында машина Аллах каалаганы үчүн от албай калат жана Аллах машинанын иштебешинде жакшылык көрүп жаткан болот. Мындан тышкары, ал киши ал окуянын сырын да көрө албашы мүмкүн, бирок сырын билсе да, билбесе да, Аллахтан ыраазы болушу керек.

Адамдар алар каалабагандай ишке ашкан окуяларды терстик, жолу болбоо дешет. Адам «терстик» деп ойлогону менен, чындыгында тагдырда ал окуянын дал ошондой болушу эң туурасы болот. Адамдарды кайгырткан, тынчын алган, ачууланткан, жүрөгүн сыккан, терстик, жолум болбоду деген окуялардын сырлары менен жакшылыктарын Аллах көрсөтсө, ал адам кайгырышынын канчалык туура эмес экенин түшүнүп, тескерисинче кубануу менен кабыл алат. Тагдыр адамга толугу менен көрсөтүлсө же терстик, ийгиликсиздиктей көрүнгөн окуяларды тагдыр ичинде көрсө, башына келгендерге эч кайгырбайт.

Бул жагынан эң туурасы Аллахка өзүн тапшырып жашоо болот. Негизи билсе да, билбесе да, кабыл алса да, албаса да, бүт адамдар ансыз да Аллахка моюн сунган. Бирок эң негизгиси муну билип жашоо керек. Мындай түшүнүктөгү ыймандуулар бейпилдикте, көңүлдөрү тынч Аллах алар үчүн белгилеген тагдырды бир тасма көрүп жаткандай болуп бейпил гана жашашат.

Адамдардын көпчүлүгү төрөлүү, өлүм, ажал, ырыскы сыяктуу нерселерден башкаларын тагдырда эмес, терстиктен, чара көрбөөдөн улам болду, ошондуктан тагдыр менен байланышы жок деп ойлошот. Бул жаңылыштык аларды тагдырда белгиленген окуяларга каршы чыгууга түртүп, алардын кайгырышына себеп болот. Ошондой эле, бүт окуялардын терс тарабын көрүү аларга тынымсыз бир азап берет. Натыйжада сезимтал адамдардын кубанычтуу маанайы өтө кыска убакытка гана созулат. Бир нерсеге өтө кубангандан эч канча өтпөй ойлоруна кайгыра турган бир нерсе келип, кайрадан пессимисттик маанайга кайтышат.

Булардын баары динден алыс жашоонун табигый натыйжалары. Ыйман болбосо адам кайгыга жана үмүтсүздүккө түшөт. Дүйнөдө Аллахтын буйрук жана насааттарын укпай, өмүрүн жоопкерчиликсиз өткөргөндөр акыретте мындай бактысыздыгын өздөрү мойнуна алышат:

**«Раббибиз, кайгыбыз бизди жеңди, биз адашкан бир коом экенбиз» дешти. (Мүминун Сүрөсү, 106)**

Албетте, Аллах адамды бул дүйнөдө бир катар кыйынчылыктар менен сынашы мүмкүн. Бирок ыймандуу адам Курандан кабарсыз кишилердей болуп, кыйынчылык келгенде кайгырып, пессимизмге түшүп, сезимдерине жеңилбейт. Себеби Аллахтын бул кыйынчылыкка кандай жооп берээрин сынап жатканын билет. Жана кыйынчылыктан чыгуунун жолу ыйлоо да, кайгыруу да, даттануу да эмес. Андан чыгуунун жолу **«кыйынчылык жана муктаждыкта калганга, Ага дуба кылганда жооп берген, жамандыкты ачып кетирген»** (Немл Сүрөсү, 62) Аллахтан жардам тилөө, бир гана Ага ишенип таянуу жана Аллахтын дубасына жооп берээрине толук ишенүү. Аллах ыймандуу кулдарына Куранда мындай убада берген:

**Кабарыңар болсун; Аллахтын велилери (достору), алар үчүн коркуу жок, кайгы да жок. Алар ыйман келтиргендер жана (Аллахтан тартынып күнөөдөн) сактангандар. Дүйнө жашоосунда жана акыретте сүйүнүчтүү кабар алар үчүн. Аллахтын сөздөрү эч өзгөрбөйт. Улуу кутулуу жана бактылуулук мына ушул. (Йунус Сүрөсү, 62-64)**

Ошондой эле, Аллах кыйынчылыктай көрүнгөн учурларды да атайын, көптөгөн максаттар менен жаратат. Ыйман көзү менен караган бир адам Аллах жараткан бүт нерседеги даанышмандыктарды көрүп, кубанычы ан сайын артат. Ошондуктан адамдын Аллахка өзүн тапшырышы руханий жактан бейпил, тынч болушуна, натыйжада көңүлү тынч, санаасыз жашашына шарт түзөт.

Сезимталдык болсо адамдарды мындай тобокелдик (Аллахка таянуу) түшүнүгүнөн толук алыстатып, аларды башына келген окуяларда обу жок кубанууга же обу жок кайгырууга түртөт. Аллах бирде үмүтсүздүккө түшүп, бирде көөп кеткен мындай адамдардын абалын жана ыймандуулардан алардан айырмасын Куранда төмөнкүдөй сүрөттөйт:

**Ант болсун, Биз адамга тарабыбыздан бир мээрим таттырып, анан аны андан алып койсок, албетте, ал (эми) үмүтүн үзгөн бир шүгүрсүзгө айланат. Жана ант болсун, ага келген бир кыйынчылыктан соң, ага бир жакшылык берсек, албетте, «жамандыктар менден кетти» дейт. Себеби ал көпкөн мактанчаак. Сабыр кылгандар жана чын ыкластуу иштерди жасагандар башка. Кечирим жана улуу сыйлык мына ушулардыкы. (Худ Сүрөсү, 9-11)**

## Ачуулануу жана кызуу кандуулук

Сезимталдык аялдарда көбүнчө кайгыруу, пессимизм, ыйлоо, даттануу формасында көрүнсө, эркектерде болсо көбүнчө ачуулануу, кызуу кандуулук, агрессия формасында сыртка чыгат. Мисалы, сезимтал бир эркек автопаркта ага бөлүнгөн орунга башка бирөөнүн машинасын токтотконун көрсө, кыйкырып өкүрүп, машинаны тепкилейт. Же жолдо бартканда бир адамдын байкабай далысына сүзүп кетиши бат эле ачууланып кетишине себеп болот. Же үйдөн чыгып баратып ачкычты үйдө унуткан баласына, эсепти кеч алып келген официантка, телефондо күттүргөн секретарьга, жолдогу машиналарга ачууланып, оозуна келгенди айтышы мүмкүн. Акыл жүгүрткөн бир адам оңой эле чече турган маселелерге, ал тургай, оюна да албай турган көп нерселерге сезимтал адам обу жок жана керексиз эле көңүл бура берет. Көбүнчө өзүнө зыян тийгизип, уят болот.

Эркектерде ачуулануу жана кызуу кандуулук формасында кездешкен сезимталдык **«эр жигиттик маданияты»** деп аталган маанайдагы белгилүү бир коомдун катмарын түзөт. Бул маданияттагы катмарда ачуулануу, романтизм түшүнүгүнүн аралашмасынан турган бир сезимталдык түрү өкүмчүлүк кылат. Мындай адамдар көбүнчө тең салмаксыз, ар дайым ар кандай агрессиялуу кыймыл-аракет жасап жиберчү мүнөздө болот. Бир заматтык ачууга алдырып бир адамга жаракат берип, ооруканага түшүшүнө себеп болушу же өлтүрүп коюшу мүмкүн. Кээде ал адам эч таанабаган бирөө да болушу мүмкүн. Гезит барактары ушул сыяктуу адамдар чыгарган окуяларга жана жасаган кылмыштарга толо. Көңүлдүү башталган бир кеченин аягында кокустан ачууланып досторун, жакындарын сабап же көчөдө баратканда аларды «кыйыр караганы» үчүн таанабаган бир адамды бычактап салышы мүмкүн. Бир заматтык напсисинин азгырыгына алданышы өмүрлөрүнүн калган бөлүгүн абакта өткөрүшүнө себеп болот. Эң негизгиси, Аллах Кабатында жок жерден бир адамды өлтүргөнү үчүн чоң күнөө кылган болушат.

Кызуу кандуулук – өтө олуттуу натыйжаларга себеп болчу, дайыма жарылууга даяр турган потенциалдуу бир коркунуч. Сезимтал бир киши жолдо ага туура эмес бир нерсе жасаганы же таанабаган бирөөнүн жаман карап коюшу же кичинекей бир түшүнбөстүк себебинен ачууланып, башына ар кандай азап жана балээлерди ашырып алат.

Өзгөчө чет өлкөлөрдө кездешкен кээ бир тараптарлардын жырткычтыгы да тараптардыктан келип чыккан сезимталдыктын акылсыздыгына ачык бир мисал болот. Канжарлар, бычактар, таяктар менен эч таанабаган адамдарга өлөөрчө чабуул жасаган мындай кишилер шайтан сезимталдык куралы менен акыл жана аң-сезимдерин сокур кылып коюп, элдерге салып жиберген бир балээге айланышат. Бирок Аллах адамдарга шайтандан сактанууну, урушуп ачууланбай, тынчтык менен бейпилдикти издөөнү буйруган:

**Эй ыйман келтиргендер, баарыңар тобуңар менен «тынчтык жана бейпилдикке (Силмге, Исламга) киргиле жана шайтандын кадамдарын ээрчибегиле. Себеби ал - силерге апачык бир душман. (Бакара Сүрөсү, 208)**

Бул жерде да сезимталдык менен акылмандыктын арасындагы айырмага токтолуу керек. Зулумдукка жана жамандыкка ачуулануу адамды адилеттик, тынчтык жана жакшылыкта өтө кылдат жана сезгич болууга, зулумдук менен жамандыкты жок кылууга, заалымдарды тосууга, күнөөсүз жана алсыздардын укуктарын коргоого багыттайт. Аллах адамдарга берген мындай адилеттик сезими акыл жана эрк колдонулуп башкарылбаса, кандайдыр бир спорттук клубдун тараптарларына карата күчтөнүп, агрессияга айлана турганчалык чектен чыгышы мүмкүн. Акылы жана эрки жок адамдар эркин колдонуп сезимдерин тизгиндешпейт жана туура жолдон чыгып шайтан каалаган тарапка айдалышат. Аллах башка бир аятында адамдарды шайтан жөнүндө мындай деп эскерткен:

**Эй ыймандуулар, шайтандын артынан ээрчибегиле. Ким шайтанды ээрчисе, (билип койсун) чындыгында ал (шайтан) жаман уятсыздыктарга жана жамандыктарга буйруйт. Эгер Аллахтын силерге боорукердиги жана мээрими болбогондо, силерден эч ким түбөлүккө чейин тазалана алмак эмес. Бирок Аллах каалаганын тазага чыгарат. Аллах угуучу, билүүчү. (Нур Сүрөсү, 21)**

## Шайтандык боорукердик сезими

Шайтандын азгырыктарына алданган адамдар Аллах бир жакшылык катары берген боорукердик сезимин да кээде туура эмес багыттарда колдонушу мүмкүн. Аллахтын өкүмдөрүнө карама-каршы келген бир боорукердик түшүнүгү шайтандык боорукердик болот. Сезимтал адамдар Куранды эмес, сезимдик каалоолорун негиз тутканы үчүн боорукердик жана мээримдүүлүк сезимдери да туура эмес багытка бурулат.

Мисалы, бир адам адамдардын кайгысына, кичинекей балдардын, күнөөсүз, сүйкүмдүү жаныбарлардын өлүмүнө абдан кайгырат. Бирок бул жерде шайтандык боорукердик аралашып, мындай окуялар аны Аллахка каршы чыгууга жана шерик кошууга алпарат. Ал эми мындай ойдон акылын колдонуп кутулган адам болсо чындыкты даана, айкын көрөт. Биринчиден, өлүм ыймандуулар үчүн бир зулумдук, кыйынчылык жана азап эмес, алар үчүн бир кутулуу жана чексиз сонун бир жашоого жасалган кадам. Аллах кулдарын Өз Кабатына алчу бир эшик. Шайтан менен анын достору үчүн болсо өлүм дүйнөдөгү чек таанybaган иш-аракеттери бүтүп, аларга убада кылынган түбөлүк азап эшиги ачылган кез болот. Ошондуктан шайтан өлүмдү бир жамандык катары көрөт жана көрсөтүүгө аракеттенет. Мындай пикири анын тарабынан туура, бирок күнөөсүздөргө жана ыймандууларга тиешелүү эмес. Тозокко бара турган бирөө үчүн өлүм чындыгында жаман нерсе, бейишке бара турган үчүн болсо кубанычтуу.

Шайтандык боорукердик, ошондой эле, адамды бирөөгө пайда эмес, тескерисинче зыян бере турган бир боорукердикке түртөт. Динден алыс жашаган элдерде адамдар кишинин акыретте зыянга туш болуп-болбошун ойлонбостон, эмнени кылса да көрмөксөн болушат. Мисалы, жаман мүнөздө болушуна мүмкүнчүлүк берип, Аллах арам кылган бир ишти кылса унчукпай, ал тургай, ага көмөкчү болушат. Мисалы, орозо кармай ала турган жашка жеткен баласын өз оюнда «ач калганга чыдабайт» деп орозо туткурбай койгон ата-эне, же мүмкүнчүлүгү болуп туруп «уйкусун бузгусу келбегени үчүн» жанындагы бирөөнү эрте мененки намазга тургузбай когон бир адам чындыгында шайтандык боорукердик түшүнүгүндө болот.

Ыймандуулар болсо мындайда көрсөтүлгөн боорукердиктин ал адамдын акыретине сөзсүз оң таасир беришин негиз алат. Кээде бир ыймандууну жакшы көрүп, боорукердик сезиши ал үчүн бир катар чараларды көрүүнү же ага сын-пикир айтууну талап кылышы мүмкүн. Ал адам жаман бир иш кылса аны сындап, ага ал нерседен кайтара турган сөздөрдү айтып, Курандын бир буйругу катары жамандыктан тосушу мүмкүн. Чыныгы боорукердик ушундай болот. Себеби ыймандуулар ал адамдын көңүлүнө оор тийиши мүмкүн болгон бир сөздү айтууга, аны Куранга туура келбеген ишинен тосууга барышы мүмкүн, бирок муну ал кишинин түбөлүк жашоосун артка кайтууга мүмкүн болбогон тозок азабында өткөрүшүн каалабаганы үчүн жасашат. Ошондуктан Аллах эң жактыра турган жана эң ыраазы боло турган адеп-ахлакта болууга чакырып, аны бейишке даярдайт жана ага эң жакшы боорукердик кылган болот. Муну унутпаш керек: бир адамдын акыретин ойлонбостон, анын кылган каталарына унчукпай коюу чыныгы таш боордук болот.

Шайтандык боорукердик адилетсиздикке да себеп болот. Акылман бир ыймандуу ар кандай жагдайда адилеттик менен жана Аллахтын ыраазылыгына туура келчү чечим алып өкүм чыгарса, сезимтал адамдар шайтандык боорукердик сезимине алдырып, оңой эле адилетсиздик кылып коюшу мүмкүн. Напсилери, сезимдери жана каалоолору көрсөткөн багытта иш-аракет кылышат. Бир окуяга

күбө болгондо, кимдики туура экенин билбей туруп, адилеттүү жана акылдуу анализ кылбастан жана эң негизгиси Курандын өкүмдөрүнө карабастан караңгы бир боорукердик сезимине кабылып, ошол көз-караштa иш-аракет кылышат. Көбүнчө өздөрүнө да, башка адамдарга да зыян алып келе турган иштерди кылып, туура эмес багытка буруп, туура эмес чечимдерди алышат. Ошондуктан алардын боорукердиги Куран буйруган сонун мүнөздөн абдан алыс бир түшүнүктү алып келет.

Сезимтал кишилердин эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул өзүмчүл болушу. Мындай адамдардын сырттан башкалар үчүн жан аябастык кылып жаткандай көрүнгөн кыймыл-аракеттери да чындыгында сезимдерин канааттандыруу үчүн жасалып жаткан болот. Ошондуктан сезимтал бир адамдын адилеттүү иш-аракет жасашын күтүүгө болбойт. Сезимтал бир адам өзүнүн, жакындарынын жана жакшы көргөндөрүнүн зыянына болчудай көрүнгөн бир жагдайда адилеттүү болуунун ордуна бир тарапка тартып койот. Ал тургай, бир окуяга күбө болгондо туура эмес маалымат берип, жакыны болгону үчүн жасаган туура эмес ишин жашырып коюшу да мүмкүн.

Бирок адилеттүү болуу – ыймандуунун эң негизги касиеттеринин бири. Аллах Куранда кандай гана шарт болбосун –ал киши өзү, жакындары же душман катары көргөн бирөө болсо да- адилеттүү болууга буйруган:

**Эй ыймандуулар, өзүңөрдүн, ата-энеңердин жана жакындарыңардын зыянына болсо да, Аллах үчүн күбө болуп адилеттикти сактагыла. (Алар) бай болсо да, жакыр болсо да; себеби Аллах аларга жакыныраак. Демек, адилеттиктен кайтып каалоолоруңарды укпагыла. Эгер тилиңерди ойнотуп (сөздү бурмалап) же жүз бурсаңар, албетте, Аллах кылгандарыңардан кабардар. (Ниса Сүрөсү, 135)**

Башка бир аятта Аллах адамдарды «адилеттүү күбөлөр» болууга чакырат:

**Эй ыйман келтиргендер, адилеттүү күбөлөр болуп, Аллах үчүн акыйкатты жактагыла. Бир коомго болгон кектенүүңөр силерди адилеттиктен тосуп койбосун... (Маида Сүрөсү, 8)**

Бирок сезимтал бир адам аяттардагы бул буйруктарды кемчиликсиз орундата албайт. Себеби мындай адам өтө өзүмчүл болгондуктан, окуяларды баалашы, жоромолдору да дайыма өз пайдасын көздөйт. Мисалы, эң башта өзүнө, жакындарына, жакшы көргөндөрүнө же симпатия сезген адамдарына тартып, жасалган туура эмес иштерди, ал тургай, кылмыш санала турган иштерди да көрмөксөн болуп койот.

## Ыраазылык сезими

Адамдагы негизги сезимдердин бири – бу ыраазылык, башкача айтканда, «ыраазылык билдирүү» сезими. Адам төрөлгөндөн баштап өмүр бою ага дайыма жакшылыктар келип турат. Ага келген жакшылыктар көбүнчө себептер аркылуу келгени үчүн адам ыраазылык сезимин ошол себептерге билдирүүнү каалайт. Бирок бул сезимдин бир гана Аллахка болушу керектиги Куранда көп жолу айтылат. Куранда мындай ыраазылык «шүгүр кылуу» деп аталат. Шүгүр кылуу – бул, ортомчу ким

болбосун, ал жакшылыктарды бир гана Аллахтын жөнөткөнүн жана бүт нерседе бир гана Ага муктаж экенин билип, Ага ыраазылыгын жүрөктөн жана тили менен билдирүү.

Бир гана Аллахка шүгүр кылуу, бир гана Ага ыраазылык билдирүү аятта чыныгы бир кулчулуктун көрсөткүчү катары айтылган:

**Эй ыймандуулар, силерге ырыскы кылып бергендерибиздин тазаларынан жегиле жана бир гана Ага кулчулук кылсаңар, Аллахка шүгүр кылгыла. (Бакара Сүрөсү, 172)**

**Силерге Аллах ырыскы кылып берген адал (жана) таза нерселерден жегиле жана эгер жалгыз Ага гана ибадат кылсаңар, Аллахтын нематтарына (жакшылыктарына) шүгүр кылгыла. (Нахл Сүрөсү, 114)**

Аяттарда Аллахка шүгүр кылуу башка кудайлар тутунбастан, б.а. Аллахка шерик кошпостон, кулчулук кылуунун бир шарты жана көрсөткүчү катары айтылууда. Чынында эле Аллахка гана шүгүр кылган адам бүт жакшылыктардын Аллахтан келгенин, бүт нерсенин Анын колунда, Анын башкаруусунда экенин, б.а. Аллахтан башка кудай жок экенин түшүнгөн болот. Бүт жакшылыктардын Аллахтан келгенин түшүнгөн адам болсо жалгыз күч-кудуреттүү өкүмдардын бир гана Аллах экенин, Андан башка кудай жок экенин жүрөгүнө орнотуп, таза ыйманга жеткен болот. Куранда сүрөттөлгөн жана макталган адам модели да ушундай.

Сезимтал адамдарда болсо тескерисинче. Андай адамдар бүт жакшылыктарды Аллах аларды жаратууда себепчи кылган заттарга жана адамдарга байланыштырып, ошолордон бир нерсе күтүшөт. Аларга өздөрүн карыздар сезип, ошолорго шүгүр кылууга аракет кылышат. Кыскасы, Аллахтан башка, өзүнчө күчү жана таасири бар деп ойлогон сансыз жасалма кудайларды тутунуп алышат. Акылдарын колдоно албагандыктан, бүт ал жасалма кудайларды да, алардын кылгандарын да Аллах жаратканын жана Аллах кааламайынча жана Аллах ал буйрукту бермейинче, алардын эч нерсе кыла албашын, эч нерсеге күчтөрү жетпешин түшүнө алышпайт.

Мындай туура эмес ыраазылык (карыздарлык) сезими романтик адамдарда басынууга себеп болот. Аларга жакшылык көрсөткөн кишилер (мисалы, жумуштагы башчысы, үй-бүлөдөгү бир чоң, бай тууганы сыяктуу) алдында өздөрүн басынтып, муну кыймыл-аракет жана сөздөрү аркылуу билдиришет. Бир ыймандууга эч жарашпаган мындай түшүнүк романтизм адамдарга берген сансыз азаптардын бирөөсү.

## Түнттүк

Сезимталдык кээ бир адамдарда түнттүккө, адамдар менен жакшы мамиле түзө албоого себеп болот. Мындай сезимталдыкта адам бир гана өз дүйнөсүндө, өз маселелери менен гана алектенип, айланасында болуп жаткандарга эч көңүл бурбайт. Куранда буйрулган күчтүү бир кулк-мүнөздө болбогондуктан, тышкы дүйнөнүн маселелерин чечүүгө эрки жана күчү жетпеген, бир проблема чыкканда аны чечүүдөн корккон, дайыма алсыз, чарасыз жана ийгиликсиз маанайда болот. Тобокелдик, Аллахка таянып ишенүү, Аллахка кайрылып Андан жардам суроо оюна келбегендиктен, өзүн дүйнөдө

жалгыз жана коргоосуз сезет. Ошондуктан өз ичинде куруп алган кыял дүйнөсүнөн сыртка чыгуудан коркот.

Сезимталдык себеп болгон мындай меланхолиялык абал андай адамдарды депрессияга чейин жеткирет. Өзүн адамдардан бөлүү, стресстүү болуу, маанайы чөгүү, нерв кризистерине кабылуу, аза күтүү, депрессияга түшүү, өзүн-өзү өлтүрүүнү ойлонуу сыяктуу сезимтал адамдар тарабынан кадыресе кабыл алынган көрүнүштөрдүн өзгөчө мааниси бар. Мисалы, досунун бир тамашасына таарынып калган бир жаш кыз түнү бою ыйлап чыгууну, түнгө чейин досунун ал сөздү айтуу себеби жөнүндө ойлонууну кадыресе көрөт. Башка бирөө үчүн болсо чачынын агарышы, денесинде оңдолбой турган бир кемчилигинин болушу депрессияга түшүшүнө жетиштүү болот. Көзүмдүн өңү эмнеге башкача эмес, боюм эмнеге бир аз узун эмес деген сыяктуу ондогон, жүздөгөн нерселер ойун ээлеп, проблемага айланат. Бүт ушундайлар үчүн да сыгылып, кайгырат.

Мындай адамдарда караңгыда отуруп «ойлонуу» деп аталган, күмөндөргө түшүү, кайгылуу ырларды жазуу, канчалаган саат бою дубалды карап кыялдануу, жамгырда басуу, терең терең үшкүрүү, көпкө чейин нес болуу, көкүрөккө башын коюп ыйлоо, көздөрү жашка толуп, үнү титиреп сүйлөө сыяктуу көрүнүштөр көп болот. Кээ бирлери болсо ашыкча ичимдик ичип, тамекиге берилет. Натыйжада булардын баары караңгы дүйнөдө ичинен сыгылууга, бактысыздыкка жана руханий-дене жактан ооруп өмүр сүрүүгө себеп болот. Эң негизгиси Аллах жактырбаган мүнөздү, Ал ыраазы болбой турган бир жашоону тандашат.

Мындай адамдар, албетте, өмүр бою өздөрүн бөлмөлөрүнө кулптап жашашпайт. Башка адамдар менен бирге социалдык жашоодо да орун алышат, бирок мүнөздөрүнүн бузуктугун коом арасында да улантышат. Көбүнчө таарынчаак жана көңүлү назик болушат. Ар бир сөздөн бир кыйкым издеп, эч тиешесиз сөздөрдү өздөрүнө алышат. Бат бат таарына беришет. Болбогон бир окуя себебинен көздөрүнө жаш алып, тымызын ыйлашат.

Эркектердеги сезимтал маанай убакыттын өтүшү менен күчөп руханий бузуктуктарга, жыныстык ориентация бузулуусуна, гомосексуалдык тенденцияларга чейин жетиши мүмкүн. Сезимтал кишилер ички дүйнөсүндөгү бузуку мүнөзүн айлана-чөйрөсүнүн шарттарына жараша жашырып коюшу же уялбай ачыкка чыгарышы да мүмкүн. Ылайыктуу шарт жана мүмкүнчүлүк тапканда, басым астындагы комплекстерин чектен чыккан, эч бир адеп-ахлак жана баалуулукту тааныбаган бир формада сыртка чыгарашы мүмкүн. Мисалы, сезимтал, бактысыз, түнт бир адамдын бир күнү күтүүсүздөн гомосексуал же травести болуп чыга калышы учурдагы көнүмүш көрүнүштөрдөн. Аллах Куранда гомосексуалдыктын жаман бир уятсыздык экенин Аз. Луттун коому жөнүндөгү төмөнкү аяттарда билдирген:

**Лут болсо коомуна мындай деген эле: «Силерден мурда ааламдардан эч ким кылбаган уятсыз-жамандыкты кылып жатасыңарбы? «Чынында силер аялдарды коюп, каалоо менен эркектерге жакындап жатасыңар. Чынында силер чектен чыккан (адашкан) бир коомсуңар.» (Аьраф Сүрөсү, 80-81)**

Албетте, мындай туура эмес иштер адамдардын Аллахтын жолунан адашуусунун, каалоолоруна туткун болуп шайтанды ээрчишинин бир натыйжасы. Аллах адамдарды Куранда төмөнкүчө эскерткен:

**...шайтандын артынан ээрчибегиле. Чынында ал силер үчүн апачык бир душман. Ал силерге бир гана жамандыкты, жаман-уятсыздыкты жана Аллах жөнүндө билбеген нерселериңерди айтууну буйрук кылат. (Бакара Сүрөсү, 168-169)**

Чындыгында бул жерге чейин каралган бүт сезимталдык түрлөрү акылмандыкты таштап, сезимдерин угуп жашаган бүт адамдарда белгилүү даражада кездешет. Бирок шарттарга жана кишилерге жараша ар кандай формада сыртка чыгат. Мисалы, ачуулуу, кызуу кандуу, тең салмаксыз бир адам, өзүн канчалык катуу жана каардуудай көрсөткөнгө аракет кылганы менен, негизи сезимталдыгы менен алсыздыгын кызуу кандуулук көрүнүшү астына жашырган болот. Мындай адам эч күтүлбөгөн бир учурда ыйлап кайгырып башташы, өзүн уят кыла турган абалга салышы мүмкүн. Кыскасы, бир адам ыйман кылбаса жана ыймандуулардыкындай акылы болбосо, бир акыл жана мүнөз алсыздыгы болгон сезимталдыкты ичинде алып жүрөт, жана шартка жана башына келген окуяларга жараша мындай сезимталдыгы ар кандай формада сыртка чыгат.

Сезимталдык ыйман кылган, Аллахтан корккон жана акыл жүгүрткөн ыймандууларга гана таасир эте албайт. Шайтандын чын ыкластуу ыймандууларга эч бир таасири болбогону үчүн, сезимталдык куралын ыймандууларга колдоно албайт. Аллах Хижр Сүрөсүнүн 42-аятында шайтан жөнүндө **«Күмөнсүз, азгырылып-адаштырылгандардан сени ээрчигендерден тышкары, сенин Менин кулдарымды мажбурлай турган эч кандай күчүң жок.»** деп билдирген. Ошондуктан ыймандуулар ыйманынан, Куранды бекем тутунушунан жана акылмандыгынан келип чыккан бекем, күчтүү, тең салмактуу мүнөздө болушат.

Сезимталдыктын эл арасында эң көп кездешкен, ал тургай, эң маанилүү түрлөрүнүн бири – бул романтикалык сүйүү түшүнүгү. Романтикалык сүйүү түшүнүгүнүн адамдар арасында ар кандай түрлөрү кездешет. Үй-бүлөдөгү мамилелерден достук мамилелерине чейин созулган мындай романтикалык сүйүү түшүнүгүнүн, албетте, эң көп кездешкени – бул аял-эркек мамилелери.

Романтикалык сүйүү түшүнүгү сезимталдыктын балким эң кеңири тараган жана адашкан түрү болгондуктан, бул теманы өзүнчө бир бөлүмдө карайбыз.

# РОМАНТИКАЛЫК СҮЙҮҮ ТҮШҮНҮГҮ

**Адамдардын арасында кээ бирөөлөр Аллахтан башка нерселерди (Аллахка) тең (шерик) кылып алышат (жана) аларды Аллахты сүйгөндөй сүйүшөт. Ыймандуу адамдар болсо Аллахты көбүрөөк сүйүшөт. Ал зулумдук кылгандар азапка жолугаар күнү сөзсүз бүт күч-кудуреттин толугу менен Аллахтыкы экенин жана Аллах берген азаптын чынында күчтүү (оор) экенин бир билишсе эле. (Бакара Сүрөсү, 165)**

**Р** омантикалык сүйүү түшүнүгүнөн сөз кылуудан мурда, ыймандуулардын чыныгы сүйүү түшүнүгүн эске сала кетели. Ыймандуу, акылман бир адам бүт жүрөгү менен сүйүп, жакындап, байлануу керек болгон Заттын Аллах экенин билет. Себеби аны жоктон жаратып, денесин, акылын, аң-сезимин, ыйманын жана колундагылардын баарын ага Ал берген. Бүт муктаждыктарын канааттандырган жана канааттандырууда. Ал үчүн бул дүйнөдө сансыз жакшылыктарды жараткан. Ошондой эле, ага ыйман кылып, моюн сунса, аны дүйнөдө да, акыретте да өтө көп жана түбөлүк жакшылыктар менен, Өзүнөн бир сүйүү жана ыраазылык менен сүйүнчүлөөдө. Булардын баарын Өзүнүн мээрими жана берешендиги менен гана, эч акысыз берүүдө. Демек, чыныгы мааниде эң көп сүйүүлүүгө жана жакындык сезилүүгө ылайыктуу – бир гана Аллах. Аллах ыймандууларды **«Жана бир гана Раббиңе жалбар»** аяты аркылуу эскертүүдө. (Инширах Сүрөсү, 8)

Адамдарга болгон сүйүү да Аллах сүйүүсүнөн келип чыгат. Аллахты сүйгөн адам Аллахка моюн сунган кулдарга да бир боорукердик сезет. Бул болсо Аллахтын ал адамдардагы көрүнүштөрүнө болгон чыныгы сүйүүнү пайда кылат.

Сүйүүнүн пайда болушундагы себептердин бири – бул жакшы көрүлгөн адамдагы бийик жана жакшы сыпаттарга болгон кызыгуу жана суктануу. Бул кызыгуу жана суктануу эки тараптуу болгондо, ортодогу мамиле күчтүү бир сүйүү мамилесине айланат. Бирок бул жерде негизгиси бийиктик менен сулуулуктун чыныгы ээсин табуу жана жакындык, сүйүү, суктануу сезимдерин Ага багыттоо керек. Ал болсо – бүт сулуулуктардын, бийик жана улуу сыпаттардын булагы, ээси Аллах. Анын жаратkандарына тиешелүүдөй көрүнгөн бийик касиеттер болсо – Аллахтын чексиз сыпаттарынын өтө кичинекей бир чагылуусу гана, жана чындыгында Аллахка тиешелүү. Убактылуу гана Аллахтын кулдарында чагылууда, б.а. көрүнүүдө.

Ошондуктан **сүйүү Аллахтын затына гана болушу керек.** Анын чагылыштарына болгон сүйүү болсо Аллах жүрөктөн жана эстен чыгарылбастан, Ал үчүн гана болушу мүмкүн. Адамдын бирөөнү же бир буюмду Аллахтан көз-карандысыз, өзүнчө бир нерседей көрүп, аны Аллахты сүйгөндөй сүйүшү болсо Аллахка шерик (ширк) кошкондугунун эң даана белгилеринин бири болот.

Туура эмес жакшы көрүү натыйжасында ширк кошуунун эл арасында ар кандай түрлөрү бар. Атасын ширк кошуу, баласын ширк кошуу, аялын, күйөөсүн, үй-бүлөсүн, аталарын, башчыларын ширк кошуу булардын негизгилери. Баарынын тамырында туура эмес бир сүйүү турат.

Бир аятта мушриктердин (Аллахка шерик кошкондордун) Аллахты унутуп, башка идолдорду (путтарды) жакшы көрүп, кудай тутунуп алганы төмөнкүчө кабар берилет:

**Ибрахим айтты: «Силер чындыгында Аллахты таштап, дүйнө жашоосунда араңарда бир сүйүү байланышы катары идолдорду кудайлар кылып алдыңар. Кийин кыямат күнү бириңер бириңерден баш тартып, таанybай каласыңар жана бири-бириңерге каргыш айтасыңар. Силердин жашай турган жериңер от жана эч кандай жардамчыңар жок.» (Анкебут Сүрөсү, 25)**

Акыретте бул сүйүүнүн жек көрүүгө жана бир-биринен баш тартууга айланаары да Куранда бизге билдирилет. Мунун себеби, өз ара сүйүү байланышы түзүп, бир-бирин кудай (идол) кылып алгандар акыретте бир-биринин түбөлүк азабына себеп болушат. Бир гана Аллахты кудай тутунган бир адамдын башка бир нерсени, башка бирөөнү Аллахчалык же Андан да көбүрөөк сүйүшү мүмкүн эмес. Мушриктердин буга карама-каршы келген мамилеси болсо аятта төмөнкүчө сүрөттөлөт:

**Адамдардын арасында кээ бирөөлөр Аллахтан башка нерселерди (Аллахка) тең (шерик) кылып алышат (жана) аларды Аллахты сүйгөндөй сүйүшөт. Ыймандуу адамдар болсо Аллахты көбүрөөк сүйүшөт. Ал зулумдук кылгандар азапка жолугаар күнү сөзсүз бүт күч-кудуреттин толугу менен Аллахтыкы экенин жана Аллах берген азаптын чынында күчтүү (оор) экенин бир билишсе эле. (Бакара Сүрөсү, 165)**

Аятта ыймандуулардын эң көп Аллахты сүйөөрү белгиленген. Демек, Аллахтан башкаларга болгон сүйүүсү жүрөгүндө күчтүүрөөк болгон бир адам «мен ыймандуулардanмын» дей албайт. Ошондой болуп туруп «ыймандуумун» деген бир адам же жалган айтып жаткан болот же Аллахты жана динди толук таанybаган болот. Ансыз да аяттын акыркы сүйлөмүнөн шерик кошкондордун Аллах жөнүндө толук маалыматы жок экени жана туура эмес түшүнүктө экени көрүнүп турат.

Мындай адамдар Аллахты жакшылап тааный албагандыктан (Зүмер Сүрөсү, 64-65) сүйүү сезимин өз напсилерине (өздөрүнө) же башка адамдарга багытташат. Алар атасы, балдары, бир туугандары, аялы, күйөөсү, сүйгөнү, өрнөк алган кишилери, суктанган кишилери сыяктуу ар кандай адам болушу мүмкүн. Кээ бирлерде сүйүү адамдардан тышкары, жансыз нерселерге, ал тургай, абстракттуу түшүнүктөргө да бурулушу ыктымал. Акча, байлык, үй, машина, кандайдыр бир буюм, кызматтык даража, бийлик сыяктуу түшүнүктөр идолдоштурулат. Кыскасы, ыйман менен туура нукка салынбаган сүйүү ширк кошууга алып келет. Бул сүйүү акылдуу болбогону, б.а. Аллахка багытталбаганы үчүн, романтикалык бир сүйүү. Аллах Куранда мындай берилген бир сүйүүнүн адамдарга пайда алып келбешин, чыныгы сыйлыктын Аллах Кабатында экенин билдирген:

**Аялдарга, балдарга, сандык сандык жыйылган алтын жана күмүшкө, күлүк көркөм аттарга, айбанаттарга жана түшүмдөргө болгон бекем (күчтүү) арзуу адамдарга «кооз жана өзүнө тартуучу» көрсөтүлдү. Булар – дүйнө жашоосунун жалган кооздуктары. Чыныгы барыла турган сонун жер – Аллахтын кабатындагы (мекен). (Али Имран Сүрөсү, 14)**

Туурасы – булардын баарын Аллах жараткан нерселер катары сүйүп, аларды Аллах берген бир жакшылыктар катары караш керек. Өзгөчө адамдарды сүйүү Аллах жараткан сонун бир сезим. Аллах Куранда адамды «эң сулуу келбетте» жаратканын билдирген. Ошондуктан Аллахка моюн сунган, жакшы

мүнөздүү адамдарды татыктуу деңгээлде чын жүрөктөн сүйүү да жакшы адеп-ахлактын бир талабы. Ыймандуунун мындай чыныгы сүйүүсү – динден алыс жашаган элдердеги эч бир сүйүүгө салыштырылгыс, өтө улуу, терең бир сезим.

Алдыда Аллах бир жакшылык катары адамга берген бул улуу сезимди билбеген адамдардан сөз кылып, сүйүү аркылуу болгон ширк моделинин эң көп кездешкен түрү болгон аял-эркек мамилелерине өзгөчө токтолобуз.

## Аял-эркек мамилелериндеги ширк сүйүү

Аял-эркек мамилелеринде Аллах ыраазылыгына туура келбеген жакындыктар адамдарды ширкке салган эң негизги жагдайлардын бири. Булар үйлөнүү же коомдо барган сайын көбөйүп бараткан никесиз мамилелер формасында болушу мүмкүн.

Мындай романтикалык сүйүү түшүнүгүндө Аллахтын алдындагы бүт милдеттерин бир-бирине жасаган, бир-бирин Аллахтан көз-карандысыз, эркин жандыктар катары көргөн, **Аллахка сезиши керек болгон сезимдерди бир-бирине сезген «сүйүшкөндөр»** пайда болот. Мындай адамдар Аллахты эстөөнүн (зикир кылуунун) ордуна, дайыма бир-бирин эстешет. Эрте менен көздөрүн ачканда аларды жараткан жана аларга жаңы бир күн берген Аллахты эстеп Ага шүгүр кылуунун ордуна, бир-бирин ойлоп, бир-бирин кыялданышат. Өздөрүн Аллахка жакшы көрсөтүүгө эмес, бир-бирине жакшы көрсөтүп, жагынууга аракет кылышат. Аллах жана Анын дини үчүн жан аябастык кылбай, бир-бири үчүн ар кандай жан аябастыктарды жасашат.

Кыскасы, мындай адамдар бир-бирин кудай кылып алышат. Дүйнөдө өтө кеңири тараган мындай туура эмес сүйүү түшүнүгүнүн мисалдарын караганда, романтик эркектер менен аялдардын бир-бирине апачык «сага сыйынам» деген сыяктуу сөздөрдү айтаарын көрө алабыз. Ошондой эле, романтик сүйүшкөндөрдүн бир-бирине айткан сөздөрүндө, жазган ырларында «кайсы тарапты карасам сени көрөм, каякка барсам да сени ойлойм» сыяктуу сөздөр орун алат. Чындыгында болсо кайсы тарапты карасак жана кайсы жакка барсак да, ойлошубуз керек болгон жалгыз зат – бул ааламдардын Рабби Аллах.

Көрүнүп тургандай, эл арасында күнөөсүз, ал тургай, кадыресе бир сүйүү түрүндөй кабыл алынган романтикалык сүйүү – чындыгында Аллах Кабатында каргыш алган «ширк кошуунун» бир бөлүгү. Бирок «чындыктарды тескери көрсөткөн шайтан» бул түшүнүктөрдү да бурмалап, адамдарга кооз көрсөтүүдө жана адамдардын көпчүлүгү шайтан көрсөткөн жолго түшүшүүдө:

**Аллахка ант болсун, сенден мурдакы үммөттөргө да (элчилер) жөнөттүк, бирок шайтан аларга кылгандарын кооз көрсөттү; эми бүгүн алардын велиси (досу) ошол жана алар үчүн оор бир азап бар. (Нахл Сүрөсү, 63)**

**... Алардын кылгандарын шайтан кооздоп-жагымдуу көрсөттү, ошентип аларды жолдон адаштырды. Бирок алар көрө алышмак. (Анкебут Сүрөсү, 38)**

Куранда мындай романтикалык мамилелерде аялдарга болгон берилген сүйүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Ал аял ал кишинин жубайы, сүйгөнү, ал тургай, алыстан «платоникалык» жактырган кандайдыр

бир аял да болушу мүмкүн. Эгер бул Аллахты унуттурган, Аллахты жакшылап эстөөгө жолтоо болгон, Аллах сүйүүсүнө алмаштырылган, жүрөктөн Аллах сүйүүсүн чыгарып анын ордуна коюлган бир сүйүү болсо, анда кишини түздөн-түз ширкке түртөт. Албетте, бул коркунуч бир эле эркектерге эмес, аялдарга да тиешелүү.

Романтикалык аял-эркек мамилесин болушунча тереңдеткен адамдар көбүнчө бул чындыктарды билишпейт. Өздөрүн өз колдору менен салган коркунучту сезишпейт. Себеби көпчүлүгү бала кезинен бери айланасынан алган тарбиясы жана туура жолду көрсөтө турган жалгыз жол башчы Курандан кабарсыз болушу натыйжасында кылгандарынын Аллах Кабатында бир күнөө экенин билишпейт. Аллахтын дининен алыс жашашканы үчүн, жогоруда да айтылгандай, чоң бир саздактын ичинде болуп туруп, өздөрүн туура жолдомун деп ойлошот. Жалгыз Аллахка ыйман кылбаганы үчүн акыл жана түшүнүктөрү сокур болуп калган.

Акылсыздык коштогон мындай ширк сүйүү бир-бирин кудай тутунган аял менен эркектерди кээде өтө чоң балээлерге түртөт. Мисалы, бир-бирине ашык болгон эки жаштын чогуу өзүн-өзү өлтүрүүдөн ырахат ала турган даражада акылдары тосулуп калышы мүмкүн. Дүйнө шарттары чогуу болушуна жол бербеген эки жаш сүйүүлөрүн өз ойлорунда «түбөлүк кылуу», «рухтары түбөлүккө чейин бирге болушу» сыяктуу логикасыз жана чындыкка сыйбас ойлор менен кол кармашып бир көпүрөдөн секирип кетишет. Бирок чындыгында өздөрүн ушундайча тозок чуңкуруна таштап жатканын сезишпейт. Арам (күнөө) бир ишти эч ойлонбостон жасап, өлгөндө Аллахка жолугаарына эмес, бир-бирине жолугаарына ишенишүүдө. Аягында өлүм периштелерин көргөндө муну түшүнүшөт, бирок эми кеч болуп калат. Гезиттерден үмүтсүз сүйүүдөн улам өзүн-өзү өлтүрүүлөр, жазып калтырган каттар жөнүндө кабарларды көрүүгө болот. Булар романтизмдин адамдардын акылын жана аң-сезимин канчалык жаап койоорунун конкреттүү мисалдары.

Бирок, бул дүйнөдө романтизм себебинен өтө берилип ашык болуп, кудай тутунган жубайын киши акыретте өзүн куткаруу үчүн садака кылып берүүгө аракет кылат. Себеби көзүндөгү парда ачылып, ага убада кылынган азаптын чындык экенин түшүнөт. Аяттарда мындай адамдардын акыреттеги мамилеси төмөнкүчө сүрөттөлөт:

**Алар бир-бирине көрсөтүлүшөт. Бир кылмышкер-күнөөкөр ал күндүн азабынан кутулуу үчүн балдарын садака чапкысы келет; өз жубайын жана бир тууганын, жана аны баккан тууган-уругун да; жер бетиндегилердин баарын (берип), кутулгусу келет. (Мeариж Сүрөсү, 11-14)**

Башка бир аятта болсо бул абал мындайча сүрөттөлөт:

**Ал күнү киши өзүнүн бир тууганынан качып калат. Апасы менен атасынан дагы, жубайы (аялы-күйөөсү) жана балдарынан дагы. Ал күнү ар бир адамдын өзүнө жете турган иши бар. (Абаса Сүрөсү, 34-37)**

Ширкке таянган романтикалык сүйүү түшүнүгү эл арасында «ашыктык», «романтизм», «таза жана тунук сезимдер» деп күнөөсүз көрсөтүлөт, ал тургай, бийик тутулуп, макталат. Өзгөчө өспүрүм жаштагы адамдарды таасири астына алган мындай романтизм пропагандасы акыл менен аң-сезимдин өрчүшүнө

жолтоо болгону үчүн, динден, ыймандан, жаратылуу максатынан кабарсыз, Аллахты унуткан, Аллах сүйүүсүн, Аллах коркуусун билбеген, ширкти (Аллахка шерик кошууну) кадыресе көрүнүшкө, бир жашоо формасына айланткан, жолдон адашкан урпактар келип чыгууда.

Телевизорлордо жана тасмаларда романтизм жана сезимтал нерселер адамдарга массалык түрдө сиңирилет. Сезимталдык адамдын табигый муктаждыгы катары көрсөтүлөт. Романтизм ырларда, ыр саптарында, китептерде эң алдыңкы планга коюлган бир тема. Шайтан сезимталдыктын адамдардын акыл жүгүртүшүнө, чындыктарды көрүшүнө, Аллахты эстешине, жаратылуу максатын жана акыретти ойлошуна жолтоо боло турган, аларды дин менен жашоодон алыстаткан, ширкке сүңгүткөн бир илдет экенин өтө жакшы билет. Ошондуктан бүт тармактагы аскерлерин сезимталдык пропагандасын өтө күчтүү жасоого багыттайт.

Ушул себептен ширк кошууну таштан, жыгачтан жасалган идолдорго сажда кылуу гана деп түшүнгөндөр бул дүйнөдө өздөрүн күнөөсүз көрүп, акыретте болсо **«Раббибиз Аллахка ант болсун, биз мушриктерден (Аллахка шерик кошкондордон) эмес элек»** (Энъам Сүрөсү, 22) дегендерден болуп калуудан өтө этият болуулары зарыл.

## Ыймандуулардын сүйүүсү

Кыскасы, сүйүү сезиминин Аллахтан башкага, Анын жараткандарына багытталышы ширкти пайда кылуучу маанилүү бир себеп. Ыймандуулар болсо, жогоруда да айтылгандай, бир гана Аллахты сүйүшөт, жана башка ыймандуулар менен Аллахтын жараткандарын болсо аларда Аллахтын чагылыштарын, Аллахтын сыпаттарын көргөнү үчүн, Аллах үчүн сүйүшөт. Аллахтан көз-карандысыз, өзүнчө бир заттардай көрүп сүйүшпөйт. Бул болсо чын ыкластуу ыймандын шарты жана көрсөткүчү.

Ыймандуунун сүйүүсү – тунук, нурдуу, жүрөккө жылуулук берүүчү бир сүйүү. Себеби сүйүүсү Аллахка арналган болот. Ошондуктан дүйнөдө Аллахтын чагылыштарын алып жүргөнү үчүн сүйгөн бир адамы же бир жандык өлгөндө же жакшы көргөн буюму жоголгондо, анын колунан алынганда ыймандуу кайгырбайт, ажырап калуунун кайгысын тартпайт. Себеби жакшы көргөн кишисиндеги же буюмундагы материалдык, руханий бүт сулуулуктардын, чагылуулардын чыныгы ээси – Аллах. Аллах түбөлүктүү жана башы-аягы жок. Эң негизгиси адамга күрөө тамырынан да жакыныраак. Аллах аны сыноо үчүн гана убактылуу кээ бир чагылыштарын кайра алган болот. Ыйманын жана мындай түшүнүгүн улантса, кааласа бул дүйнөдө, кааласа акыретте түбөлүккө ага өтө көп, өтө сонун сыпаттары менен көрүнөт. Мына ушул сырды түшүнүп, кошумчасыз чыныгы ыйманга жеткени үчүн ыймандууга кайгы жана азап бере турган эч бир жагдай болбойт. Аллах ыймандуунун мындай руханий абалын төмөнкүчө сүрөттөйт:

**Күмөнсүз: «Биздин Раббибиз – Аллах» деп, анан туура жолдо жүргөндөр (бар эмеспи); эми алар үчүн коркуу жана кайгы-капа да жок. (Ахкаф Сүрөсү, 13)**

# РОМАНТИЗМДИН ДЕНЕГЕ ЗЫЯНДАРЫ

**Күмөнсүз, Аллах адамдарга эч зулумдук кылбайт. Адамдар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышат. (Йунус Сүрөсү, 44)**

**С** езимталдык адамга руханий жактан кыйноо алып келген сыяктуу, денесине да олуттуу зыян берет. Булардын башында адам жашыра албаган, бүт адамдар көрө алган денесиндеги өзгөрүүлөр турат. Себеби руханий тынчсыздануулар, стресстер, кайгыруулар адамдын тышкы көрүнүшүнө да сөзсүз өз таасирин тийгизет. Жүзүндөгү булчуңдар, көздөрү, мимикалары, колдорунун кыймылдары, үн тондору андай адамдардын бүт тарабынан сезимталдык таасири астында экенин сездирет.

Сезимтал адамдарда «психосоматикалык» оорулардын, б.а. руханий проблемалар себеп болгон көйгөйлөрдүн баарын кездештирүүгө болот. Дененин иммунитети начарлап, алсыздайт. Натыйжада көп ооруларга чалдыгат же оорусунан айыгышы кечеңдейт.

Оорулардан тышкары, чачтардын түшүшү, агарышы, теринин нымынын кетип кургашы, калыңдашы, ийкемдүүлүгүн жоготуп тырышышы, жарылышы, мунун натыйжасында сырттан келчү ар кандай инфекцияга ачык болуп, клеткалардын жаңыланышы кечиккени үчүн теридеги бузулуулардын калып калышы, адамдын жүзүнүн саргайышы, көздөрдүн тунарышы сыяктуу дагы көптөгөн терс өзгөрүүлөр да болот. Ошондуктан бүт нерсени ойлоно берген, романтик, көп кайгырган адамдар эрте картайышат. Денелери көп жылдарга созулган, эртеден кечке уланган стрессти, сезимдик, руханий толкундоолорду көтөрө албайт. Мунун натыйжасында улгайуу белгилери даана көрүнүп, денеси картайат.

Сезимталдыктын адамдын денесине болгон зыяндары муну менен эле чектелбейт. Адамдын ичиндеги караңгылык менен кайгы жүзүнө жана кыймыл-аракеттерине да таасир тийгизгени үчүн бүт динамизми, энергиялуулугу, жашоо кубанычы, натыйжада адамдык сулуулугу маанилүү деңгээлде азайат. Көз-карашындагы боштук, көздөрүнүн кичирейиши, чачтарынын түшүшү же жансыздашы, жүз булчуңдары тартылганы үчүн жүзүн тырыш-бырыш капташы мындай өзгөрүүлөрдүн бир канчасы гана. Көңүлдүү, бейпил жашаган адамдардын стресстүү, көп кайгырган адамдарга караганда көбүрөөк жашашы, ден-соолугунун чыңыраак болоору көптөгөн илимий изилдөөлөр тарабынан тастыкталган.

Болгондо да, денелеринин ушундайча өзгөрүп жатканын көргөндө, бул дүйнөнүн убактылуу бир мекен экенин, өздөрүнүн канчалык алсыз экенин ойлоп, Аллахка моюн сунуп ыйман кылуунун ордуна, азаптуу жашоосун андан да күчөтүшөт. Улгайуунун, оорунун да аларга жакшылык алып келчү тараптарын байкай алышпагандыктан, алар да кайгыга, эч эстеринен кетпеген бир тынчсызданууга айланат. Мына ушундай бир туюк айлампа натыйжасында денелери да көтөрө албаган бир жүктүн астына киришет. Көп докторлор да көптөгөн оорулардын себеби кайгыруу, кыйынчылык, стресс дешет жана алардан кутулуунун бирден-бир жолу катары жогору маанайды жана кубанычтуу жашоону сунушташат.

Стресс жана депрессияга байланыштуу уйку жана тамактануу тартибинин бузулушу, кан басымы оорулары, ашказан, бөйрөк, жүрөк сыяктуу ички органдарда пайда болгон ар кандай оорулар, астма сыяктуу дем алуудагы проблемалар, аллергия, экзема, псориаз сыяктуу тери оорулары, мигрень, рак

түрлөрү жана дагы көптөгөн оорулардын психологиялык фактордон келип чыгаары аныкталган. Дененин стресске болгон жообу натыйжасында денедеги биохимиялык реакциялар жана энергия коротуу максималдуу деңгээлге жетет. Мындай стресстик маанай үзгүлтүксүз уланганда болсо дене функциялары өзгөрүп, тең салмаксыздыктарга себеп болот.

Стресс себеп болгон оорулардан адистер төмөнкүчө сөз кылышат:

Стресс жана стресстен келип чыккан чыңалуу менен оору арасында маанилүү бир байланыш бар. Стресс себеп болгон чыңалуу тамырлардын тарайышына, баштын белгилүү аймактарына барчу кан агымынын бузулушуна жана ал аймакка барган кандын бир топко азайышына жол ачат. Ошондой эле, бир кыртыштын кансыз калышы түздөн-түз ооруга себеп болот. Себеби бир тараптан чыңалган бир кыртыштын көбүрөөк кычкылтекке муктаж болушу, экинчи тараптан, кыртышка ансыз да кан жетпей жатышы оору рецепторлоруна сигнал берет. Бир тараптан адреналин жана норадреналин сыяктуу стресс учурунда нерв системасына таасир берчү заттар да чыгарылат. Булар да түздөн-түз же кыйыр түрдө булчуңдардын чыңалуусун күчөтүп, ылдамдатат. Ошентип оору чыңалууга, чыңалуу тынчсызданууга, тынчсыздануу болсо оорунун күчөшүнө жол ачат.[12]

Ыйман кылбаган кишилерде депрессия, стресс, көңүл чөгүү натыйжасында эс-тутумдун начарлашы, оюн топтой албоо, туура эмес, логикасыз сөздөрдү сүйлөө, көздүн ж.б. тартышы, контрольсуз кыймыл-аракеттер кездешсе, ыймандуулар акыл жана руханий жактан өтө чың жана тең салмактуу болушат. Себеби чыныгы бейпилдикке, чыныгы кубанычка Аллахка моюн сунуу жана тобокел кылуу аркылуу гана жетүүгө болот. Ыймандуулар Аллахка жана Аллах жараткан тагдырга моюн сунуп, тобокел кылып (таянып) жашаганы үчүн, дайыма кубанычтуу, бейпил болушат. Аллахтын бир жакшылыгы катары мындай эрте улгайуунун таасирлеринен корголушат.

Романтизм адамдарга алып келген чоң бир балээ болгон кайгыруу, көңүл чөгүү сезими ыйман менен келген тобокелдик жана кубаныч аркылуу гана жоголот. Аллах бейишке кирген ыймандуулардын төмөнкүчө Аллахка мактоо айтаарын билдирет:

**«Бизден кайгыны кетирип жок кылган Аллахка мактоолор болсун; күмөнсүз Раббибиз чындыгында кечиримдүү, шүгүрлөрдү кабыл кылуучу» дешет. (Фатыр Сүрөсү, 34)**

# ЖЫЙЫНТЫК: РОМАНТИЗМ ИЛДЕТИНЕН КУТУЛУУ

**Аллах такыба (Аллахтан корккон) адамдарды ыйман келтирип жана ыймандарын ишке ашыруу менен жеңишке жетишкендиги үчүн куткарат. Аларга жамандык жетпейт жана алар кайгыга түшүшпөйт. (Зүмер Сүрөсү, 61)**

Д инден алыс жашаган адамдардагы эң тамырлуу, туура эмес кулк-мүнөздөрдүн бири болгон сезимталдык негизи адамдар ойлогондой адам төрөлгөндөн бери бар болгон же таштай албай турган бир мүнөз эмес.

Мындай мүнөздү адам пландуу же плансыз пропаганда натыйжасында алат. Ошондуктан сезимдерге кабылуу –ыйлоо, кайгыруу, жинденүү- эркимден сырткары болот, аны жеңүүгө күчүм жетпейт дегендер чын ниеттен ойлонгондо мунун жараксыз экенин көрүшөт. Мисалы, ыйлап, кайгырып жаткан бир кишиге чоң көлөмдө акча сунушталса же маанилүү бир башка кызыкчылык сунулса, бир заматта кубанып кетиши каалаганда андай маанайдан оңой эле чыга алаарынын эң ачык көрсөткүчү. Демек киши атайылап сезимтал болуу аркылуу, бир тараптан, айланасына абийирсиз мамиле кылган болсо, экинчи тараптан, Аллах Куранда кабар бергендей, киши өзүнө өзү зулумдук кылган болот:

**Күмөнсүз, Аллах адамдарга эч нерсе менен зулумдук кылбайт. Адамдар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышат. (Йунус Сүрөсү, 44)**

Бирок сезимтал адамдар бул чындыкты түшүнө алышпайт. Алар дайыма капалуу, үмүтсүз болушат. Кандай шартта болбосун, өздөрүнө капа боло турган, кайгыра турган бир нерсе табышат. Негизи бул адамдар өз колдору менен өздөрүнө зулумдук кылышат. Бул чындык бир аятта төмөнкүчө кабар берилет:

**Биз адамдарга бир мээрим таттырганыбызда, ага кубанышат; өз колдору менен жасагандары себептүү аларга бир жамандык келгенде, ошол замат үмүтсүздүккө түшүшөт. (Рум Сүрөсү, 36)**

Мындай адамдар романтикалык маанайдан чыгуу, бул илдеттен кутулуу үчүн шайтандын убадаларынан, алдамчылыктарынан этият болуп, акылын жана абийирин толук ачышы керек. Бул болсо адамдын ыйманынан көз-каранды.

Чыныгы мусулман өзүнө романтизмдин алсыздыгын жараштырбайт; акылдуу болот, маселелерди чечет жана айланасындагыларга үлгү болот. Ошондой эле, мусулман жакшы мүнөздүү болгондуктан жана жакшы сөздөрдү сүйлөгөндүктөн, кубанычтуу болот. Себеби туура мамиленин сүйүнчүсү, нуру, жарыгы эң оор шарттарда да адамга кубаныч тартуулап, дүйнөдө бейпил, абройлуу, сонун жашоого, акыретте болсо түбөлүктүү кубанычка себепчи болот. Ошондуктан дайыма Аллах жактыра турган бир ниетте жана мүнөздө жашаган ыймандуулар үчүн кайгырып, кыйнала турган, аларды пессимизмге түртө турган эч нерсе болбойт. Бир аятта Аллах төмөнкүчө кабар берет:

**Аллах такыба (Аллахтан корккон) адамдарды ыйман келтирип жана ыймандарын ишке ашыруу менен жеңишке жетишкендиги үчүн куткарат. Аларга жамандык жетпейт жана алар кайгыга түшүшпөйт. (Зүмер Сүрөсү, 61)**

Мындан тышкары, ыймандуулардагы кубаныч, бактылуулук, бейпилдик жана ишеним аларга бейиштин дүйнө шарттарындагы бир чагылуусу болот. Дүйнөдө башталган бул кубанычы акыретте Аллахтан үмүт кылган бейишке кирээри так белгилүү болгон соң түбөлүктүүгө айланат. Ыймандуулардын акыреттеги бактылуу маанайы бир аятта төмөнкүчө билдирилген:

**Эми Аллах аларды мындай бир күндүн жамандыгынан коргогон жана аларга жаркыраган бир нур жана бир кубаныч берген. (Инсан Сүрөсү, 11)**

Башка бир аятта болсо Аллах акырет күнү ыймандуулар менен ыймансыздар арасындагы айырманы төмөнкүчө кабар берет:

**Ал күнү ушундай жүздөр бар, жаркырап, күлүп, кубаныч ичинде болот. Жана ал күнү ушундай жүздөр бар, бетин чаң каптаган. Бир каралык ороп-каптаган. Мына ошолор каапыр, бузукулар. (Абаса Сүрөсү, 38-42)**

Ыймансыздар болсо акыретте дүйнөдө шайтанды ээрчип жашаган тозок жашоосунун чыныгысын –эсе эсе оорун жана түбөлүккө чейин созула турганын- жашашат. Ыймандуулардын кубаныч жана бактылуулугунун бейиште үзгүлтүксүз уланышы сыяктуу:

**(Кыямат) Келээр күнү, Анын уруксатысыз, эч ким эч нерсе сүйлөй албайт. Эми алардын кээ бирлери бактысыз, (кээ бирлери болсо) бактылуу. Бактысыздар отто, алар ал жерде (кыйналып) дем алышат. Алар Раббиң кааламайынча асмандар менен жер турганда, ал жерде түбөлүк болушат. Себеби Раббиң чындыгында каалаганын кылуучу. Бактылуулар болсо, эми алар бейиште. Раббиңдин каалоосунан тышкары, асмандар менен жер турганда, ал жерде түбөлүк болушат. (Бул) эч түгөнбөгөн бир берешендик. (Худ Сүрөсү, 105-108)**

# ЭВОЛЮЦИЯ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

**Айткын: «Ал бүт нерсенин Раббиси болуп турса, мен Аллахтан башка бир Рабби издейинби? Эч бир напси өзүнөн башканын зыянына (күнөө) топтобойт. Күнөөкөр башка бирөөнүн күнөө жүгүн көтөрбөйт. Аягында Раббиңерге кайтасыңар. Ал силерге талашкан нерселериңерди кабар берет.» (Энъам Сүрөсү, 174)**

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Жаратуучу жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Жаратуучу тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу боюнча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

# Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

# «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңири жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт:

> *«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»*[13]

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон:

> *«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»*[14]

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын *дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан.*[15]

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган.[16]

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

> *Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды?*[17]

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. **Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ**. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү (пайда болуу) ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн **$1/10^{950}$ге** барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500 беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы

маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

> *Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышынын такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда.*[18]

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку, теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү натыйжасында ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде *«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»* деп айтууга мажбур болгон.[19]

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар *убакыттын өтүшү менен киттерге айланган деп айткан.*[20]

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

# Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири таралган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – бул нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет**.

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

> *Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет.*[21]

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – бул рак оорусу). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фоссилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – бул фоссилдер (мис. вулкан атылганда жаныбар, канаттуу же өсүмдүк жабышып катып калган таш калдыктар).

Эволюция теориясы боюнча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен

пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-канаттуу пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды **«ортоңку звенолор (формалар)»** деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

> *Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн.*[22]

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Мунун теориясы үчүн чоң бир тупик экенин көрүп турган. Ошондуктан, Түрлөрдүн келип чыгышы китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган эле:

> *Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо,* ***эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл звенолорго учурабай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл звено болушу керек, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлгү таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес? Геология жакшы даражаландырылган бир процесс ортого чыгарбоодо жана балким бул менин теорияма каршы айтыла турган эң чоң каршы пикир болот.***[23]

# Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

> *Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз.*[24]

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-

карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

> *«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.»*[25]

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. **Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу**.

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн.[26]

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш бойунча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат.[27]

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо

палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү.[28]

Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан.[29]

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

> *«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.»*[30]

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

> *Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн.*[31]

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

# Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле

атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, **акылсыз атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт.** Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. **Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот**.

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

# Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй

караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

# Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча см$^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

# Материалисттик ишеним (дин)

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

*Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз.*[32]

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жаратткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

# Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир карашты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

***Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим.*** *Келечек*

*урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат.*[33]

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Колдонулган булактар:**


13. Sidney Fox, Klaus Dose, *Molecular Evolution and The Origin of Life*, Marcel Dekker, New York, 1977, s. 2.

14. Alexander I. Oparin, *Origin of Life*, Dover Publications, New York, (1936), 1953 (reprint), s. 196.

15. "New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", *Bulletin of the American Meteorological Society*, c. 63, Kasım 1982, ss. 1328-1330.

16. Stanley Miller, *Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules*, 1986, s. 7.

17. Jeffrey Bada, *Earth*, Şubat 1998, s. 40.

18. Leslie E. Orgel, "The Origin of Life on Earth", *Scientific American*, c. 271, Ekim 1994, s. 78.

19. Charles Darwin, *The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition*, Harvard University Press, 1964, s. 189.

20. Charles Darwin, *The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition*, Harvard University Press, 1964, s. 184.

21. B. G. Ranganathan, *Origins?*, The Banner Of Truth Trust, Pennsylvania, 1988.

22. Charles Darwin, *The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition*, Harvard University Press, 1964, s. 179.

23. *Charles Darwin, The Origin of Species, s. 172, 280*

24. Derek A. Ager, *"The Nature of the Fossil Record"*, *Proceedings of the British Geological Association*, c. 87, 1976, s. 133.

25. Douglas J. Futuyma, *Science on Trial*, Pantheon Books, New York, 1983, s. 197.

26. Solly Zuckerman, *Beyond The Ivory Tower*, Toplinger Publications, New York, 1970, ss. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", *Nature*, c. 258, s. 389.

27. J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", *Scientific American*, Aralık 1992.

28. Alan Walker, *Science*, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, *Physical Antropology*, 1. baskı, J. B. Lipincott Co., New York, 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge University Press, Cambridge, 1971, s. 272.

29. *Time*, Kasım 1996.

30. S. J. Gould, *Natural History*, c. 85, 1976, s. 30.

31. Solly Zuckerman, *Beyond The Ivory Tower*, Toplinger Publications, New York, 1970, s.19.

32. Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", *The New York Review of Books*, 9 Ocak 1997, s. 28.

33. Malcolm Muggeridge, *The End of Christendom*, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s. 43.